



# Рух жашоосу тууралуу ой толгоолор

Рухи Институту





Китеп 1

# РУХ ЖАШООСУ ТУУРАЛУУ
# ОЙ ТОЛГООЛОР

Рухи Институту

Китептердин ирети:

Төмөндө Рухи Институту тарабынан иштелип чыккан китептердин ирети учурдагы аталыштары менен берилди. Бул китептер жаштардын жана чоң адамдардын өз жамааттарына кызмат өтөө жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү үчүн үзгүлтүксүз көрүлгөн аракеттеринде курстардын атайын түзүлгөн ырааттуулугу менен колдонууга багытталган. Рухи Институту мындан сырткары дагы башка кошумча курстардын сериясын даярдап жатат: ырааттагы Үчүнчү китептин бир бутагы болгон Бахаи кенже балдарына сабак өтүүчү мугалимдерди даярдоо курсу жана Бешинчи китептин бир бутагы болгон өспүрүмдөрдү коштой турган аниматорлорду даярдоо курсу. Бул эки жыйнак тең төмөндөгү тизмеде бар. Белгилей кетсек, берилген тизме бул тармакта топтолгон тажрыйбанын негизинде өзгөрүшү ыктымал, ал эми окуу программаларынын бир катары кеңири колдонууга боло тургандай, жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыккан соң, тизмеге кошулмакчы.

| | |
|---|---|
| 1-Китеп | *Рух Жашоосу тууралуу ой толгоолор* |
| 2-Китеп | *Кызмат өтөөгө умтулуу* |
| 3-китеп | *Кенже балдарга сабак өтүү, 1-Деңгээл* |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 2-Деңгээл* (курстун бир бутакчасы) |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 3-Деңгээл* (курстун бир бутакчасы) |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 4-Деңгээл* (курстун бир бутакчасы) |
| 4-китеп | *Кудайдын кош Жарчылары* |
| 5-китеп | *Өспүрүмдөрдүн дарамет-күчүн ачуу* |
| | *Баштапкы импульс: 5-Китептин биринчи бутакча курсу* |
| | *Айлананы кеңейтүү: 5-Китептин экинчи бутакча курсу* |
| 6-китеп | *Ишке окутуу* |
| 7-китеп | *Кызмат өтөө жолун чогуу аркалоо* |
| 8-китеп | *Бахаулланын Осуяты* |
| 9-китеп | *Тарыхый көз карашка ээ болуу* |
| 10-китеп | *Жигердүү жамааттарды түзүү* |
| 11-китеп | *Материалдык каражаттар* |
| 12-китеп | (жакында чыгат) |
| 13-китеп | *Коомдук иш-аракеттерге тартылуу* |
| 14-китеп | (жакында чыгат) |

Автордук укук © 2025 Рухи фондуна таандык, Колумбия
Бардык укуктар корголгон. Edition 4.1.2.PE in Kyrgyz published in October 2025
Printed in Kyrgystan

Originally published in Spanish as *Reflexiones sobre la vida del espíritu*
Автордук укук © 1987, 1995, 2008, 2020 Рухи фондуна таандык, Колумбия
ISBN 978-958-59880-2-6

Permission for a limited printing of this book in Kyrgyz has been granted by the Ruhi Institute.

Рухи Институту
Кали, Колумбия
Email: instituto@ruhi.org
Веб-сайт: www.ruhi.org

# МАЗМУНУ

Ийримдин алып баруучусу үчүн бир нече ой-пикирлер ........... v

Бахаи Жазмаларын түшүнүү ........................................................ 1

Дуба кылуу ......................................................................... 15

Өмүр жана Өлүм .......................................................................... 31

# Алып баруучу үчүн бир нече ой-пикирлер

Рухи Институту тарабынан сунушталган курстардын негизги ырааттуулугунун биринчи китеби болгон - Рух Жашоосу Тууралуу Ой Толгоолор - кеңири колдонулуп, аны окугандардын саны дүйнө жүзүнүн бардык булуң-бурчтарында өсүүдө. Көпчүлүк учурда, материал достордон турган топтор арасында окулуп жана талкууланат. Алар белгилүү бир мезгилдик тартип менен жолугуп турууга мүмкүн болгондой окуу ийримдерин түзүп, же интенсивдүү окуу үчүн капманияларды уюштура алышат, болбосо мектеп каникулдары учурунда уюштурулган лагерлерде чогула алышат. Кандай учур болбосун, топтун бир мүчөсү алып баруучу катары ролду өзүнө алат. Ийримдин алып баруучусу менен сабакка же курска катышуучулардын ортосундагы өз-ара карым-катнашты жөн гана окутуучу менен окуучунун ортосундагы карым-катнаш катары кароого болбойт, анткени алардын бардыгы окууга дилгир болуп, бул процесске өз максаттары менен катышат. Бирок топтун алып баруучусу өз алдынча иш алып барган жөн гана дискуссиянын пассивдүү уюштуруучусу эмес. Ал жетиштүү өлчөмдөгү китептердин ырааттуулугун окуп-үйрөнүп, ал курстарда демилгеленген иш-чараларды аткаргандыктан, топтун ар бир мүчөсүнө окулуп жаткан материалдын максатына жетүүсүнө жардам бере алат. 1-Китеп боюнча топтун алып баруучулары үчүн бул киришүүдө берилген ой-пикирлерди мезгил-мезгили менен карап туруу пайдалуу болмокчу.

Бул окуу курсунун катышуучулары - дүйнө жүзүнүн ар кайсы өлкөлөрүнүн өкүлдөрү. Алардын кээ бирлери Бахаи жамаатынын мүчөлөрү болсо, кээ бирлери бул курска катышуу менен өздөрүнүн кабыл алган Ишине кызмат кылуу жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууну тилек кылгандар, ал эми Бахаини дин катары изилдеп жүргөндөр үчүн бул курска катышуу – изилдөөлөрүнүн баштапкы башаты. Дагы бирлерин Бахаинин идеалдары кызыктырып, алар жамааттын максаттарын жана күч-аракеттерин жакындан билүүнү самашат. Катышуучулардын арасында, Бахаи жамааты тарабынан демилгеленген ар кандай программалардын көмөгү менен коомго кызмат өтөө жөндөмдөрүн өстүрүүнү көздөп, бул курска катышуу менен алгачкы кадамын жасаган жаштардын саны өсүүдө.

Рухи Институтунун курстары адамзатка кызмат өтөө жолун көрсөтүп берээри жана бул жолдо ар борибиз башкаларга жардам көрсөтүп жана башкалардын жардамына таянып, өз ыргагыбыз менен бул жолду аркалап келээрибиз ар бир катышуучу үчүн башынан баштап эле анык болуусу керек. Дал ушул жолду аркалоо - эки кош максатты көздөйт: жеке адамдын рухий жана интеллектуалдык өсүп-өнүгүүсүн камсыздоо жана коомдун кайра курулушуна өз салымыбызды кошуу. Бул жолдогу прогресстин арты менен ар түрдүү жөндөмдүүлүктөрдүн өсүшү шартталат. Бирок жөндөмдүүлүктөрдүн өсүшү үчүн өз ара түшүнүү, билим, рухий сапаттар жана мактоого татыктуу карым-катнаштар, ошондой эле башка көптөгөн шыктар жана тажрыйбалар талап кылынат. Институттун китептеринин негизин түзгөн билимдердин булагы болуп, бир четинен Бахаи Ишениминин окутуулары саналса, экинчи четинен материалдык жана руханий цивилизациянын өнүгүүсүндөгү дүйнөлүк Бахаи жамаатынын чогулткан тажрыйбасы эсептелет. Бахаулланын көрүмү боюнча биз боло алчу инсан жана биз кура ала турган цивилизация - мына дал ушулар

Институтту шыктандырып келет. Бардык катышуучулар өзүнүн келип чыгуу өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды болбостон, бул китептин ар бир бөлүгүндө так чагылдырылган көз караштар үчүн ачык болушат деп күтүлөт.

Дүйнө жүзүндөгү диндер жана идеологиялар ар түркүн жолдорду колдонуу менен өзүнө адамдарды тартууну көздөшөт, мындан улам, Ишеним тууралуу кабардар болбогон адамда Рухи Институтуна карата: "Менден динимди өзгөртүүмдү талап кылып жатабы?" же "Мени динге кошул деп жатышабы?" - деген сыяктуу ачык суроолор жаралуусу мүмкүн. Мындай суроолор топтун алып баруучусуна курстардын максатын жогоруда белгиленгендей түшүндүрүп берүүсү үчүн мүмкүнчүлүк берет. Бахаилер өз досторунун жамаатка кошулушун каалагандыгы - табигый көрүнүш, бирок алып баруучу бул Окуу диний прозелитизм менен алек болууга тыюу салаары тууралуу кошумчалай кетсе болот. Институттун курстары аркылуу ачыла турган кызмат өтөө жолун аркалоо, Бахаулланын окутууларын терең түшүнүүнү талап кылат, бул окутуу материалдары бир нерсени ачык жана так берүүгө умтулат: ишеним жана аны кабыл алуу эч басым көрсөтүлбөстөн, ар бир адам тарабынан эркин түрдө кабыл алынуусу кажет.

Ошондуктан, бул китептин биринчи бөлүгү – бардык китептер ырааттуулугу үчүн маанилүү болгон - түшүнүү маселесинен башталаары таң калычтуу деле көрүнүш эмес. Адам өз жашоосунда миңдеген китеп барактарын окуйт, бирок Ыйык Жазмаларды окуу таптакыр башкача, ал эми "Бахаи Жазмаларын Түшүнүү" бөлүмү күн сайын Ыйык Тексттерден үзүндүлөрдү окуп, алардын маани-маңызы тууралуу ой жүгүртүүнү көнүмүш адатка айлантууга умтулат. Мындай көнүмүш адат кызмат өтөө жолуна аттанганы турган катышуучулар үчүн чоң жардам болмокчу. Изилдөө учурунда туура багыт берүү максатында, топтун алып баруучусу түшүнүү темасы жөнүндө көбүрөөк ой жүгүртүүсү керек.

Бахаи Жазмаларында терең, рухий чындыктар камтылган, аларды биз канчалык түшүнүүгө аракет кылбайлы, биз аларды эч качан толугу менен аңдап биле албастыгыбыз белгилүү. Негизинен, биз үзүндүнү биринчи ирет окуганыбызда, биз ал тууралуу эң жөнөкөй түшүнүккө ээ болобуз, жана 1-бөлүм аны баштапкы чекит катары карайт. Ошентип, "Дүйнөнүн жыргалчылыгына таза жана нарктуу иштер аркылуу, мактоого арзыган жана татыктуу жүрүш-туруштун натыйжасында жетишүүгө болот"деген цитатаны окугандан кийин катышуучудан: "Дүйнөнүн жыргалчылыгына кандайча жетишүүгө болот?"- деп сурашат. Алгач мындай коюлган суроолор жана маселелер өтө жөнөкөй көрүнүшү мүмкүн. Бирок көптөгөн жылдардын негизинде топтолгон тажрыйбадан улам Институттун мындай жолду тандоо чечиминин туура экендигине ынанууга болот. Үзүндүнүн ичинен шашыла чындык катмарларын табууга болгон аракетибиздин аркасында, мээбиз анын негизги айкын маанисин көз жаздымда калтырбашы керек. Түшүнүүнүн бул баштапкы деңгээлине көңүл буруу топ ичиндеги кеңешүү үчүн да маанилүү болуп саналат; ал ойлордун биримдигин бекемдейт, ал эми жеке ой-пикирлер Кудайдын акылмандыгы менен айкалышканда, ойлордун биримдигине жетүү оңой болот.

Баса белгилей кетчү нерсе, көпчүлүк үзүндүлөрдүн тике маанисин түшүнүүдө, контексттен тышкары алынган айрым бир сөздүрдүн маанисине карата жүргүзүлгөн узакка созулган талкуулоолор көп деле жардам бере бербейт. Ошентсе да, кээде топ үчүн сөздүн маанисин сөздүктөн кароого туура келген учурлар да болуусу ыктымал. Бирок катышуучулардын айрым бир сөздөрдүн маанисин толук сүйлөмдөгү же абзацтагы мааниси алкагында талдап билүүнү үйрөнгөндүгү мындан да жемиштүүрөөк натыйжаны берүүсү мүмкүн.

Түшүнүк тек гана тикелей маанинин чегинде калбай, андан сырткары чыгышы үчүн, ой-пикирлер кандайча ишке ашаарын көрсөткөн мисалдарды келтирүү жардам бериши мүмкүн. Буга карата жөнөкөй көнүгүүлөр жетиштүү. Мисалы, 2-Бөлүмдө катышуучулардан жаңы окулган үзүндүдөгү берилген мүнөздөмөлөр мактоого арзыйбы же жокпу деп сурашат. Дагы бир буга окшош көнүгүү 4-Бөлүмдө берилген, анда катышуучулар беш изгиликти аташат, андан соң алар Жазмаларда "адамдын бардык изгиликтеринин негизи" катары айтылган – чынчылдыкка ээ болбой туруп, алар атаган изгиликтердин бирөөсүнө ээ болууга мүмкүн же мүмкүн эмес экендигин чечүүлөрү керек.

Коюлган максатка жетүү үчүн бөлүктү мындан да тереңирээк түшүнүү талап кылынат, бул үчүн топтун алып баруучусу катышуучуларды берилген үзүндүлөрдүн мааниси жана жыйынтыгы тууралуу ойлонуп көрүүгө чакырат. 2-Бөлүмдө алар төмөндөгү ырастоонун туура же туура эмес экендигин аныктоосу керек *"Жакшы адамдар бул жашоодо ушунчалык аз болгондуктан, алардын иш-аракеттери эч кандай деле таасирге ээ эмес."* Бул жерде жөнөкөй ой-пикирди аныктоо максат эмес. Топтун алып баруучусу бир аз тыным жасап, андан соң катышуучулардын жоопторунун себебин сурашы керек. Топ, "бул ырастоо туура эмес, анткени ал мындан мурдакы бөлүмдө берилген биринчи цитатага карама каршы келет" деген чечимге келүүлөрү тийиш. Бахаилер күнөөсүнөн арылуу үчүн өзүнүн жасаган иштерин башка адамдын алдында моюндап, сырын ачыктоо менен күнөөсү кечилди деп эсептей алабы деген сыяктуу суроо да, ушул өңдүү көнүгүүлөр үчүн мисал боло алат. Бул Окууда күнөөнү мойнуна алып, бирөөгө айтууну күнөөдөн арылуунун каражаты катары колдонууга тыюу салынаары тууралуу бул окулган үзүндүлөрдүн биринде ачык айтылбаса да, муну *"Жоопко чакырылганга чейин, күн сайын өзүңө-өзүң эсеп-чот бер"* деген саптардын маанисине токтолуп, түшүнүп алууга болот.

Бөлүктө берилген көнүгүүлөр каралып жаткан үзүндүгө байланыштуу түшүнүктөрдүн бардыгын тең камтууга багытталган эмес. Ар бир топ алып баруучу берилген көнүгүүгө карата жүргүзүлө турчу талкуулоолордун узактыгы канча болуусу керек деген суроо тууралуу алдын ала ойлонуусу керек. Бул жерде байланышы бар, бирок негизги маанини чагылдырбаган түшүнүктөрдү узакка талкуулоо, жалпысынан алганда, материалдын натыйжалуулугун төмөндөтүп жиберээрин эске алуу кажет. Ар бир топ өзүнө ыңгайлуу ыргакты тандап алуусу шарт, ошондой эле алар өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өсүп жаткандарын сезип турруулары зарыл. Бирок бөлүмдөр терең талдалбастан тез өтүлүп, андагы материалдар үстүртөн каралып калбашы үчүн алып баруучу дайыма ынтаалуу болуусу зарыл; сабактар ушундай жол менен өтүлүп, жөн гана жоопторду толтуруп берүү менен окуп келген топтор арасында эч качан туруктуу жыйынтык пайда болгон эмес.

Эске сала кетүү керек болгон дагы бир нерсе: топтун алып баруучусунун милдети ар бир катышуучунунун материалдын негизинде илгерилеп бара жаткан окуу процессине жигердүүлүк менен катышуусун камсыздоо. Эч кимге басым кылбай туруп, ар бир катышуучунун аралашып, сөз сүйлөшүнө жетишүү кээде кыйынга турушу мумкүн. "Сиз үчүн бул эмнени тушүндүрөт?" деген сыяктуу суроолорду узатуу менен мындай кырдаалдарды чечүү мүмкүн эмес экенин түшүнүү маанилүү. Мындай суроолор, адатта, бардык билимди жана чындыкты ой-пикирдин денгээлине теңеп коёт. Мындан улам, топ мүчөлөрүнүн арасындагы талкуулоолордун терең түшүнүүгө алып келүүсүн шарттоочу чөйрөнү куруу кыйынга туруп калат.

Китептин экинчи бөлүгү да, биринчи бөлүгү сымал эле рухий жашообузда зарыл болгон адатка – үзгүлтүксүз дуба окууга – көңүлүбүздү бурат. Биринчи бөлүмдө "кызмат өтөө жолу" жөнүндө ачык айтылат. Бул жолду аркалоо үчүн биз эки жактуу кош максатка ээ болуубуз керек. Катышуучулар алгачкы цитаталар топтому менен таанышат, анда бул вазыйпанын табиятына түшүндүрмө берилет – бул тема кийинки курстарда дагы чечмеленет.

Ушул теманын чегинде китептин бул бөлүгү дуба кылуунун маанисин изилдөөгө арналган. Анда буга чейинки параграфтарда көргөзүлгөн ыкмаларга окшош ыкма колдонулат. Суроолор жана көнүгүүлөр окулуп жаткан Жазмалардан алынган үзүндүлөрдүн маанисин мындан да жакшыраак түшүнүүгө боло тургандай болуп түзүлгөн. Бул бөлүктү изилдөө менен улам алдыга илгерилеген сайын, алып баруучуга өткөн замандын тажрыйбалары менен түшүндүрмөлөрүндө кеңири тамыр жайган түшүнүктөрдү чечмелөө аркылуу катышуучуларда пайда болчу айрым күмөн ойлорду жокко чыгаруусу талап кылынышы ыктымал. Кээ бир каада-салттарда сырткы форма менен ритуалдар биринчи орунга чыгып, ички абалдын маанилүүлүгү көз жаздымда калып кеткен, ошондуктан көп адамдар дуба окууга болгон муктаждыкка кош көңүл карашат, а бирок адамдын денесине тамак канчалык зарыл болсо, дуба окуу да адамдын жаны үчүн ошончолук зарыл азык.

Мына ушул себептен, китептин бул бөлүгүндө катышуучулардын "Кудай менен сүйлөшүүгө" каалоолорун жана Ага болгон жакындыгын ойготуу аракеттери көрүлөт. Карала турган маселелердин арасында: табынуу абалына кирүү деген эмнени түшүндүрөт, дуба окуу учурундагы биздин жүрөктөрүбүздүн жана акыл-эсибиздин абалы, дуба окуу учурундагы биздин айланабыздагы – жалгыз болобу же топ ичинде болобу – зарылдуу болгон шарттар өңдүү идеялар камтылган. Чынында эле жамааттешып окулган дубадан келип чыккан күчтөр туурасында ой жүгүрткөн соң, катышуучулардан дуба окуу жана табынуу иш-чарасын уюштурууну суранышат.

Китептин үчүнчү бөлүгү болгон "Өмүр жана Өлүм" деп аталган бөлүгүн изилдөө кызмат өтөө жолун аркалоого болгон умтулууну чыңдап, ага мындан да тереңирээк маани берет деген үмүттөбүз. Бул жарыкчылыкта кызмат өтөө дегенди жалпы эле жашоо түшүнүгүнүн бүтүндөй толук контекстинде түшүнүү керек, ал жашоо биздин азыркы тирлигибиздин чегинен чыгып, жаныбыз Кудайдын ар кайсы дүйнөлөрүндө өнүгүшү менен түбөлүккө улана берет. Окуу процесси учурунда, кадимки функционалдык даярдыктан өтүүдөн айырмаланып, катышуучулар өздөрүнүн аткарып жаткан иш-аракеттеринин маанисин жана анын канчалык маанилүү экендигин барган сайын тереңдеп түшүнүүлөрү кажет. Тажрыйба көрсөткөндөй, качан гана алар муну жакшы аңдап түшүнгөндө, алар өздөрүн активдүү жана өз окуусунун жооптуу «кожоюндары» катары көрө башташат.

Бул бөлүмдүн ар бир бөлүгү Бахаи Жазмаларынан алынган бир-үч цитата менен ачылат да, алар бир нече көнүгүү менен улантылат. Мурдагы эки бөлүмдөн айырмаланып, бул бөлүмдө берилген үзүндүлөрдүн тили алда канча терең мааниге ээ. Бирок топ татаал сөздөр кездешкен учурда, аларга токтолуусу зарыл деле эмес, алып баруучу катышуучулар ар бир бөлүктүн негизги түшүнүгүн түшүнгөнүнө көзү жетсе болду, көнүгүүлөрдүн максаты да дал ушуга багытталган.

Теманын табиятын эске алуу менен конкреттүү мисалдар камтылган көнүгүүлөр көп деле эмес. Көбү концептуалдык деңгээлде берилген. Белгилей кетсек, кээ бир берилген суроолорго тез жана ачык жооп берүүгө мүмкүн эмес. Бул суроолор предметтин өзүн түшүнүүнү жакшыртуу үчүн иштелип чыккан, эгерде

катышуучулар ушул суроолордун үстүндө жөн гана ой жүгүртүшсө, окуунун максаты ишке ашкан болот.

Баштапкы бир нече бөлүмдөр назарыбызды жан менен дененин ортосундагы байланышка бурат, экөө бирге жашоодогу адамдын түзүлүшүн берет. Бул бөлүмдөрдөгү негизги берилген идеяга таяна турган болсок, жан физикалык бирдик эмес, анын дене менен болгон байланышын күзгүдө пайда болгон нурга салыштырууга болот. Анын бети чаң болобу, же анын сынык жери бар болобу, айтор алардын эч бири андагы нурдун көркүнө таасир эте албайт. Өлүм – бул жөн гана абалдын өзгөрүшү, ал дене менен жандын ортосундагы байланыш үзүлгөн учурда келип чыгат; андан соң жан өз Жаратуучусун көздөй түбөлүккө бет алат.

Андан ары бул бөлүмдө жашоонун максаты же вазыйпасы туурасында сөз болот – Кудайды таанып-билүү жана анын бардыгын туюу. Бул жерде талкуулоолор эки теманын алкагында жүргүзүлөт. Алардын биринчиси – биздин бул жашоодогу максатыбыз, ал эми экинчиси – жандын өлүмдөн кийинки сапары. Жан - Кудайдын белгиси, андыктан ал Анын аттарын жана Ага таандык бардык атрибуттарды чагылдыра алат. Ошентсе да, адамдын ичиндеги дарамети көмүскө болот, аны мезгил-мезгили менен адамзатка жол көрсөтүү үчүн келген Кудайдын жердеги чагылышы болгон ыйык Жандардын жардамы менен ачууга болот. Алардын берген рухий билиминин жардамы менен бизде катылган асыл байлыктарды ачыкка чыгарууга мүмкүн.

Ал эми өлүмдөн кийинки жандын сапарына токтоло турган болсок, мында катышуучуларга ой жүгүртүү үчүн бир катар түшүнүктөр сунушталат: Кудайга ишенгендер чыныгы бакытка ээ болот; эч ким алдыда бизди эмне күтүп тураарын билбейт, андыктан биз бир-бирибизге кечиримдүү болуп, башкаларга текебер болбошубуз зарыл; акыретте бул жашоодогудай эле жаныбыз өнүгө бермекчи; бул дүйнөдө өрчүткөн руханий жөндөмдүүлүктөрүбүз акыретте бизге көмөкчү болот; аркы дүйнөдө да биз өз жакындарыбызды тааный алабыз жана бул дүйнөдөгү жашообузду эстейбиз, ыйык жана касиеттүү жандар менен баарлашып, кубанычка бөлөнөбүз.

Бөлүмдүн соңунда, Бахауллланын Жазмаларынан үзүндү берилет, үзүндүдө акыреттин артыкчылыктары белгиленип, бул дүйнөдө орун алган өзгөрүүлөр менен чакырыктарга капа болбоого чакырат. Андан соң, катышуучуларга алардын окуп-үйрөнгөндөрү өз жашоосунда кандай жыйынтыктарга алып келээри тууралуу ой жүгүртүү сунушталат.



# БАХАИ ЖАЗМАЛАРЫН ТҮШҮНҮҮ

Максаты

Күн сайын Ыйык Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү окуу адатын чыңдоо жана алардын маанисинин үстүнөн ой жүгүртүү.

# 1-БӨЛҮМ

Бул бөлүмдүн максаты – Сиздин Ыйык Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү күн сайын окуу жана алардын маанисинин үстүнөн ой жүгүртүү адатыңызды чыңдоого жардам берүү. Бөлүм Жазмалардан алынган бир сүйлөмдөн турган билдирүүнү окуп, андан соң берилген суроого жооп берүүнүздү шарттаган эң жөнөкөй көнүгүүдөн башталат. Ал эми суроонун жообу – жаңы эле окуган билдирүүдөн алынышы кажет. Көнүгүүнүн жөнөкөйлүгүнө карабастан, анын жардамы менен сиз келтирилген билдирүүлөрдүн үстүнөн ой жүгүртүп, аларды эсиңизге тутуп аласыз.

**“Дүйнөнү жакшыртууга таза жана нарктуу иштердин жардамы менен жана мактоого арзыган татыктуу жүрүм-турум аркылуу жетишүүгө болот.”[1]**

1. Дүйнөнү жакшыртууга кантип жетишсе болот?________________________

_________________________________________________________________

_________________________________________________________________

**“О, Баханын эли, сөзү менен иши дал келбегендердин жолун жолдогондон сактангыла!”[2]**

2. Биз кимдин жолун жолдогондон сактанышыбыз керек?__________________

_________________________________________________________________

_________________________________________________________________

**“О, тирлик баласы! Жоопко чакырылганга чейин, күн сайын өзүңө-өзүң эсеп-чот бер...”[3]**

3. Биз жоопко чакырылганга чейин эмне кылуубуз керек?__________________

_________________________________________________________________

_________________________________________________________________

**“Айт: О, боордоштор! Сөз эмес, ылайым ишиңер силердин жасалгаңар болсун.”[4]**

4. Биздин чыныгы жасалгабыз эмне болушу керек?________________________

_________________________________________________________________

_________________________________________________________________

**“Ыйык сөздөр жана таза нарктуу иштер асман даңкынын мейкинине көтөрүлөт.”[5]**

5. Ыйык сөздөр жана нарктуу таза иштер эмне болот?____________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 2-БӨЛҮМ

Төмөндө бир нече көнүгүүлөр берилди, алар жогоруда окуган үзүндүлөр менен байланыштуу. Алар силерге топ ичинде бул үзүндүлөрдүн үстүндө ой жүгүртүүгө жардам берет; аларды ойлонбостон үстүртөн аткарууга болбойт. Бирок бул ар бир көнүгүү үчүн узак талкуулоолорду жүргүзүү керек дегенди да билдирбейт. Көнүгүү кыйын болгон учурларда, топтун алып баруучусу аны түшүнүү үчүн кылдаттык менен изилдөөгө жардам берет.

1. "Мактоого арзыган" деген сөз колдоого, кубаттоого татыктуу дегенди түшүндүрөт. Төмөндөгүлөрдүн кайсылары мактоого арзыйт?

   ___ Жакшы кызматкер болуу

   ___ Башкаларды урматтоо

   ___ Тырышчаак болуу

   ___ Калпычы болуу

   ___ Жалкоо болуу

   ___ Башкаларга кызмат өтөө

2. "Жоопко чакырылганга чейин" деген фраза эмнени билдирет?____________________________________________

   ______________________________________________________________

3. Төмөндөгү ырастоолордун ичинен кайсынысы туура?

   _____ Бул жашоодо жакшы адамдардын саны ушунчалык аз болгондуктан, алардын жакшы иштери эч кандай деле натыйжа бербейт.

   _____ Көпчүлүктүн пикирине дал келген нерсе, негизи туура болуп саналат.

   _____ Кудайдын окуусуна ылайык келген нерсе туура болуп эсептелет.

4. Төмөндөгүлөрдүн ичинен кайсыларын таза жана нарктуу иштер деп атоого болот?

   _____ Балдарга кам көрүү жана окутуу

   _____ Уурулук

   _____ Башкалардын өнүгүшү үчүн дуба кылуу

   _____ Кыйын кырдаалдан чыгуу үчүн кичине калп айтып коюу

   _____ Башкаларга жардам берип, ал үчүн сыйлык үмүт кылуу

5. Төмөндөгү кырдаалдардын ичинен кайсынысында адамдын сөзү анын кылган ишине дал келбейт?

_____ Кимдир бирөө дайыма бардыгын биримдикке чакырат, бирок өзүнүн кылган иштери дайыма чыр-чатак жаратат.

_____ Кимдир бирөө аруулуктун баалуулуктарын кубаттап келет, бирок өзү никесинен тышкары жыныстык катнашка барат.

_____ Кимдир бирөө ичимдик ичүүгө тыюу салган диний ишенимди жайылтат да, өзү кээде алкоголдук ичимдиктерин ичет.

_____ Кимдир бирөө эркек менен аялдын ортосундагы теңдикке чакырат, бирок иш берүүчү катары, бир эле жумуш үчүн эркектерге караганда аялдарга азыраак эмгек акы төлөйт.

6. Күнөөсүнөн арылуу максатында, башка адам алдында күнөөсүн моюндап, ал аркылуу Кудайдан кечирим суроо бахаилер үчүн уруксатпы?
______________________________________________________________
______________________________________________________________

7. Мунун ордуна күнөө кылган адам эмне кылышы керек? ________________
______________________________________________________________

8. “Асман даңкынын мейкини” деген эмнени билдирет?___________________
______________________________________________________________

9. Жаман иштер дүйнөгө кандай таасирин тийгизет?
______________________________________________________________
______________________________________________________________

10. Жаман иштер аларды жасагандарга кандай таасирин тийгизет?
______________________________________________________________
______________________________________________________________

## 3-БӨЛҮМ

Жазмалардан алынган төмөндөгү үзүндүлөрдү окуп, алар тууралуу ой жүгүртүңүз. Аларды жаттап алууга аракет кылыңыз.

**“Чынчылдык - адамдын бардык изги касиеттеринин пайдубалы болуп саналат.”[6]**

1. Адамдын бардык изги касиеттеринин пайдубалы болуп эмне саналат?
______________________________________________________________

**“Чынчыл болбосо, жан Кудайдын бир да ааламында өнүп-өсүп, ийгиликке жете албайт.”[7]**

2. Чынчылдык болбосо эмне мүмкүн эмес? ______________________________

________________________________________________________________

**“Өз тилиңерди, о адамдар, чындык менен, ал эми рухуңарды ак жүрөктүүлүктүн саймасы менен коолдогула.”[8]**

3. Биз тилибизди эмне менен кооздошубуз керек? ________________________

________________________________________________________________

4. Биз рухубузду эмне менен кооздошубуз керек?_________________________

________________________________________________________________

**“Ылайым көзүңөр аруу, колуңар адал, сөзүңөр чынчыл жана жүрөгүңөр жарык болсун.”[9]**

5. Биздин көзүбүз кандай болушу керек?____________ Колубуз? ___________

Сөзүбүз? ____________________ Жүрөгүбүз? ___________________________

**“Кудайдын ыйык чатырында жашап, түбөлүк даңктын тактысына орногондор ачкалыктан өлүп бара жатса да, мейли, жакыны канчалык начар же татыксыз адам болгонуна карабай, анын мүлкүнө кол салып, мыйзамсыз алуудан баш тартат.”[10]**

6. Биз ачкадан өлүп бара жаткан болсок дагы эмнеден баш тартуубуз керек?____________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## 4-БӨЛҮМ

Кээ бир көнүгүүлөргө так жооп берүү зарыл экендигин өзүңөр 2-чи бөлүмдөн байкаган чыгарсыңар. Өз жообуңардан күмөн болуп турган учурларда, тобуңуздун алып баруучусу сизге жана сиз менен чогуу окуган катышуучуларга ойду топтоп, бирдиктүү пикирге келүүгө жардам берет. Башка көнүгүүлөр үчүн талкуу маанилүү болуп, так жоопторду алуу күтүлбөйт. Ушул бөлүмдүн 3-чү көнүгүүсү биринчи түргө кирет, ал эми 6-чысы экинчи категорияга кирет.

1. Чынчылдык - адамдын бардык изги касиеттеринин пайдубалы болуп саналат. Беш адамдык изги касиеттерди санап бергиле: ________________

________________________________________________________________

2. Биз ушул изгиликтерге чынчылдыксыз жете алабызбы? ________________
________________________________________________________________

3. Төмөндөгү билдирүүлөрдүн кайсынысы туура?

_____ Адам жалган сүйлөсө да, адилет боло алат.

_____ Ким уурдаса, анын колдору адал болот.

_____ Адал кол эч качан ага тиешелүү болбогон нерсеге тийбейт.

_____ Порнографиялык материалдарды кароо, Бахаулланын аруу көзгө ээ болуу кеңешине карама каршы келет.

_____ Чынчылдык - калп айтпоо дегенди билдирет.

_____ Ак жүрөктүүлүк – рухтун жасалгасы.

_____ Жалганчы адам рухий жактан өсө алат.

_____ Кээде жалган айтып коюудан эчтеке болбойт.

_____ Ачкалыктан уурулук кылса, анда ал Кудай алдында кечиримдүү

_____ "Мен муну кийинчерээк кайра кайтарып берем" деген ой менен уруксаты жок бирөөнүн буюмун алсак, бул уурулукка жатпайт.

_____ Биз ак жүрөктүүлүк менен иш кылып, чынчыл жана адилеттүү болсок, биздин жүрөгүбүз жарык болот.

_____ Бир аз алдабай иш кылып, акча табуу мүмкүн эмес.

4. Өзүңдү өзүң алдоо мүмкүнбү? ________________________________________
________________________________________________________________

5. Калп айтканда биз эмнени жоготобуз?________________________________
________________________________________________________________

6. Эгерде бардыгыбыз чынчыл жана ак жүрөк болсок, дүйнө кандай болоор эле?___________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________

## 5-БӨЛҮМ

Кийинки үзүндүлөрдү окуп, жаттап алууга аракет кылыңыз. Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү жаттоо өтө пайдалуу, мына ошондуктан сиз аларды жаттоо үчүн бардык күчүңүздү жумшаңыз. Деген менен кээ бир адамдар үчүн үзүндүлөрдү жаттоо оңой эмес. Ошентсе да, канчалык көп аракет кылсак, ошончолук алардын маани-маңыздары биздин жүрөгүбүзгө жана эсибизге сиңип калат да, биз аларды түп нускасында берилген тексттин маанисине жакын келген сөздөр менен айтып бере алабыз.

**“Жылуу кеп - адамдардын жүрөгүн өзүнө тартат. Ал – руханий азык, ал сөздөргө маани-маңыз берет, ал акылмандык менен түшүнүк жарыгынын булагы...”[11]**

1. Жылуу кеп дегенди кандайча мүнөздөсө болот? ________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

2. Жылуу кеп сөздөргө кандай таасир тийгизет?___________________________

________________________________________________________________

**“О, Теңирдин сүйүктүүлөрү! Бул ыйык Мыйзам-падышалыгында чыр-чатак менен келишпестикке эч жол берилбейт. Ар бир зыянкеч Кудайдын мээриминен кур калат.”[12]**

3. Жогорку цитатага ылайык, бул Мыйзам-падышалыгында эмнеге жол берилбейт? ________________________________________________________

________________________________________________________________

4. Зыянкеч өзүнө кандай зыян келтирип алат?______________________________

________________________________________________________________

**“Бул Заманда Кудайдын Касиеттүү Ишине Анын сүйүктүүлөрүнүн арасындагы касташуу, уруш-талаш, чыр-чатак, жерүү жана кайдыгерликтен башка эч нерсе анчалык катуу залал келтире албайт.”[13]**

5. Кудайдын Ишине эмнелер эң катуу залал келтирет? _____________________

________________________________________________________________

**“Сөз жүзүндө гана достукту көрсөтүү менен чектелип калбагыла; силердин жолуңарда ким гана жолукпасын, алардын бардыгына жүрөгүңөр мээримдүүлүк төгүп, жалындап турсун.”[14]**

6. Биз достуктун кайсы көрүнүшү менен чектелип калбашыбыз керек?_______

________________________________________________________________

7. Жүрөгүбүз эмне менен жалындашы керек?______________________________

________________________________________________________________

**“Согуш жөнүндө ой келген кезде, тынчтык жөнүндөгү алда канча күчтүү ойду ага каршы койгула. Жек көрүү жөнүндөгү ой, сүйүү жөнүндөгү алда канча күчтүү ой менен жок кылынышы керек.”[15]**

8. Согуш жөнүндөгү ойго эмнени каршы коюу керек? ____________________
____________________________________________________________________

9. Жек көрүү жөнүндөгү ой эмне менен жок кылынышы керек? ____________
____________________________________________________________________

## 6-БӨЛҮМ

Жогоруда келтирилген үзүндүрлөрдү эске алуу менен, төмөндөгү көнүгүүлөрдү аткаргыла:

1. “Өзүнө тартат” деген сөз мааниси жагынан магнит деген сөзгө окшош. Жагымдуу сөздөр кандайча магнит катары таасир этет? _________________
____________________________________________________________________

2. Төмөндөгү фразалардын кайсынысын биз жагымдуу сөз деп айта алабыз?

_____ “Тынчымды албачы!”

_____ “И-ии, сен муну кандай түшүнбөйсүң?”

_____ “Кичи пейилдикке, күтө турасызбы?

_____ “Эмне деген жаман балдар!”

_____ “Ырахмат, сиз абдан айкөлсүз!”

_____ “Менин сизге бөлө тургандай убактым жок. Мен бош эмесмин.”

3. Төмөндөгү кырдаалдардын ичинен кайсынысында чыр-чатак жана келишпестик бар?

_____ Кеңешүү учурунда, эки адам бир эле маселеге карата ар түрдүү пикирлерди билдирет.

_____ Кеңешүү учурунда, эки адам бир-бири менен талашып-тартыша кетип, капаланышты.

_____ Эки адам ар жума сайын өтүүчү диний чогулушка келбей калышты, анткени ал экөө бир-бири менен сүйлөшпөй калган.

_____ Долбоордун үстүнөн иштеп жаткан топтун мүчөлөрү дайыма даттанып келишет, алардын ар бири башкалар өздөрүнүн тапшырмаларын аткарган жок деп нааразы.

4. Төмөндөгү кырдаалдарда жерүүнүн белгилери барбы:

_____ Эки дос көчөдөн көрүшкөндө, бир-бирине көңүл бурбай коёт.

_____ Бирөө диний чогулушка келгенде, башкалар аны жылуу кабыл алышат.

_____ Топтун эки мүчөсү чатакташпаса да, долбоорго бирге катышкылары келбейт.

5. Төмөндөгү ырастоолор туурабы же жокпу, чечкиле:

_____ Бирөө тууралуу кандай ойлосоң бетке айтуу керек, анын көңүлү ооруп калабы же жокпу, ал маанилүү эмес.

_____ Чыр-чатакты болтурбоо максатында, калп айтууга болот.

_____ Чыр-чатактан сүйүү жана мээримдүүлүктүн жардамы менен арылууга болот.

_____ Сөздөр сүйүү менен айтылган кезде, алар көбүрөөк таасир калтырат.

_____ Жаңжалды баштаган адам менен урушууга болот.

_____ Адам ооруп же кайгырып турган болсо, анын башкаларга карата катаал мамиле кылууга укугу бар.

_____ Башкалар бир нерсени туура эмес кылып жаткан болсо, алардын үстүнөн күлүү жакшы эмес.

_____ Достордун бири-бирине болгон мамилеси начар болгон кезде, алардын ар бири элдешүү үчүн бардык аракетин кылуулары керек.

_____ Достордун бири-бирине болгон мамилеси начар болгон кезде, алардын ар бири башкасын элдешүүгө биринчи кадам шилтегиче күтүп турушу керек.

## 7-БӨЛҮМ

Төмөндөгү үзүндүлөрдү окуп, аларды жаттагыла.

**“...гыйбат кылуу (артынан сүйлөө) жүрөктүн жарыгын өчүрөт жана рух жашоосун ойрон кылат.”[16]**

**“Өзүң күнөкөр болуп туруп, башкалардын күнөөсүн издебе.”[17]**

**“Жаман сөз айтпа, өзүң да жаман сөз укпайсың, башкалардын кемчиликтерин апыртпа, өзүңдүкү опол тоодой болуп калбасын.”[18]**

**“О, болмуш баласы! Сен кантип өз кемчиликтериңди унутуп, башкалардын кемчиликтери менен алексиң?”[19]**

1. Гыйбат кылуу ал адамдын өзүнө кандай таасирин тийгизет? _____________
_______________________________________________________________

2. Башкалардын күнөөлөрүн издегенден мурда, биз эмне жөнүндө ойлонуубуз керек?___________________________________________________________
_______________________________________________________________

3. Эгерде биз башка адамдардын кемчиликтерин апырта турган болсок, өзүбүз эмнеге дуушар болобуз?__________________________________________
_______________________________________________________________

4. Башка адамдардын кемчиликтери жөнүндө ойлонгондо, биз эмнени эстөөгө тийишпиз?______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 8-БӨЛҮМ

Жогорудагы үзүндүлөрдү эске алып, төмөндөгү көнүгүүлөрдү аткаргыла.

1. Башка адамдардын кемчиликтерине көңүл бурган адамдын рухунун өнүгүшү эмнеге дуушар болот?________________________________________

______________________________________________________________

2. Гыйбат кылуу жамаатка кандай таасир көрсөтөт? ______________________

______________________________________________________________

3. Досуңуз сиздин алдыңызда башка адамдын кемчиликтери жөнүндө айта баштаган мезгилде, сиз эмне кыласыз?________________________________

______________________________________________________________

4. Төмөндөгү ырастоолор туурабы, чечкиле:

_____ Башка адамдардын чыныгы кемчиликтери жөнүндө айтып жаткан мезгилде, биз гыйбат кылган болбойбуз.

_____ Биз бир адамдын мактоого татырлык сапаттарын айтып жатып, ошол эле убакта анын кемчиликтери тууралуу сөз кылганыбызда, биз гыйбат кылган болбойбуз.

_____ Гыйбат кылуу биздин коомдо адат болуп калгандыктан, биз бул көрүнүштөн арылуу үчүн кандайдыр бир тартипти иштеп чыгуубуз керек.

_____ Эгерде бизди угуп жаткан адам биздин башка адам жөнүндө айтканыбызды эч кимге айтпайм деп убада берсе, анда бул гыйбат кылганга жатпайт.

_____ Гыйбат кылуу - биримдиктин жеткен душманы болуп эсептелет.

_____ Эгерде биз дайыма башкалар жөнүндө кеп кылууну адат кылып алсак, биз бат эле гыйбат кылууга көнүп калабыз.

_____ Жергиликтүү Руханий Жыйындын жолугушуусунда, комитетке мүчөлөрдү шайлоо максатында, айрым адамдардын жөндөмдүүлүктөрү талкууланса, бул гыйбат кылуу болуп саналат.

_____ Бизде гыйбат кылууга каалоо пайда болгон учурда, биз өзүбүздүн кемчиликтерибизди эстөөгө тийишпиз.

_____ Кимдир бирөөнүн Ишенимге зыян келтирүү үчүн бир нерсе кылып жатканын билсек, биз бул тууралуу жамааттын мүчөлөрү менен сүйлөшүшүбүз кажет.

_____ Кимдир бирөөнүн Ишенимге зыян келтирүү үчүн бир нерсе кылып жатканын билсек, биз бул тууралуу Жергиликтүү Руханий Жыйынга гана кабар берүүгө тийишпиз.

_____ Жубайлар өз ара башкалардын кемчиликтери тууралуу сүйлөшсө, мунун эч кандай жамандыгы жок, анткени алардын ортосунда жашыруун сырлар болбоого тийиш.

## 9-БӨЛҮМ

Жогоруда белгиленип кеткендей, бул бөлүмдүн максаты – сиздин Ыйык Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү күн сайын окуу жана алардын маанисинин үстүнөн ой жүгүртүү адатыңызды чыңдоого жардам берүү. Эртең менен жана кечинде Кудайдан түшкөн саптарды окуу – бул Бахаулланын осуяты, ал биздин рухий өсүүбүздү шарттайт. Кийинки берилген үзүндү, бул милдетти аткаруудан алган ырыскыларыбызды эсибизге салат жана сизди бул үзүндүнү жаттап алууга чакырат.

> **“Менин сөздөрүмдүн мухитине чөмүлгүлө, ошондо гана силер анын сырларын чечип, анын тереңинде катылган акылмандыктын берметтерин ача аласыңар.”[20]**

Бул бөлүктүн соңуна чыккандан кийин, сиз Бахаулланын Жазмаларынан үзүндүлөрдү күнүгө окусаңыз болот. Касиеттүү Сөздөр аттуу китептен баштасаңыз жакшы башталыш болмокчу.

## БИБЛИОГРАФИЯ


1. Baha'u'llah, cited by Shoghi Effendi, *The Advent of Divine Justice* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2006, 2018 басылыш), 39-пункт, 36-37 б.

2. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 1983, 2017-ж., басылды) CXXXIX, 8-пункт, 345-б.

3. Бахаулла, *Касиеттүү Сөздөр* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2003, 2012-ж., басылды), араб., № 31, 11-б.

4. Ошол эле жерде, перс., № 5, 24-б.

5. Ошол эле жерде, перс., № 69, 46-б.

6. 'Abdu'l-Baha, cited by Shoghi Effendi, *The Advent of Divine Justice* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2006, 2018-жылы басылды, 40-пункт, 39-б.

7. Ошол эле жерде

8. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah* CXXXVI, 6-пункт, 336-б.

9. *Tablets of Baha'u'llah Revealed after the Kitab-i-Adqas* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 1988, 2005-ж., басылды), № 9.5, 138-б.

10. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah*, CXXXVII, 3-пункт, 338-б.

11. Ошол эле жерде, CXXXII,

12. Will and Testament of 'Abdu'l-Baha Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 1944, 2013-ж., басылды), 26-б.

13. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah*, V, 8-б.

14. From a talk given on 16 and 17 October 1911, published in *Paris Talks: Addresses Given by 'Abdu'l-Baha in 1911* Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2006, 2016-ж., басылды), № 1.7, 6-б.

15. Ошол эле жерде, № 6.7, 22-бет

16. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah*, CXXV, 3- пункт, 300-б.

17. *Касиеттүү Сөздөр*, араб., № 27, 10-б.

18. Ошол эле жерде, перс., № 44, 37-б.

19. Ошол эле жерде, араб., № 26, 10-б.

20. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah*, LXX, 2- пункт, 154-б.



# ДУБА

## Максаты

Дубанын маанилүүлүгү боюнча ой жүгүртүү жана дайыма дуба окуу адатын бекемдөө

## 1-БӨЛҮМ

Рухи Институтунун курстары катышуучуларга кызмат өтөө жолун аркалоого жардам берүүгө багытталган. Бул жолду басууга бизге эки максат түрткү берет – руханий жана интеллектуалдык жактан жекече өнүгүү, ошондой эле коомду өзгөртүүгө салым кошуу. Биздин максатыбыздын бул эки себебин өз ара бөлүп кароого болбойт. Бахаулла төмөндөгү үзүндүдө мындай деген кеңешин берет:

> **"Жеке баштын камын ойлоого батып кетпегиле; оюңарды адамзаттын бакубатчылыгын жандандыра турган жана адамдардын жүрөктөрү менен рухтарын нурландыра турган нерселерге бургула."[1]**

Башка үзүндүдө, Ал ачык-айкын айтат:

> **"... ажалдуу пенделердин көзгө көрүнбөгөн кайып дүйнөдөн бул дүйнөгө келишинин негизги максаты – дүйнөнү жакшыртуу үчүн эмгектенип жана эриш–аркак ынтымакта өмүр сүрүүсүндө."[2]**

Биздин ички абалыбыз тууралуу Ал мындай дейт:

> **"Таза жүрөк – бул күзгү; анын бетинде чыныгы күн жаркырап чагылып, түбөлүктүү таң агарсын десең, аны сүйүүң менен жана Кудайдан башка бардык нерседен баш тартуу менен жалтырата тазала."[3]**

Жана ошондой эле Абдул-Баха бизге мындай дейт:

> **"Жүрөгүңөр таза, ниетиңер ак болсун, ошондо гана Кудайдан жиберилген ырыскыларды кабылдай ала тургандардан болосуңар."[4]**

1. Биздин ойлорубуз эмне менен алек болуусу керек? ______________________

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

2. Биз кайып дүйнөдөн бул дүйнөгө кандай максат менен келебиз?

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

3. Биз жүрөгүбүздүн күзгүсүн эмне менен тазалообуз керек?________________

   ______________________________________________________________________

4. Кандай өзгөчөлүктөр Кудайдын ырыскыларын тарта алат?________________

   ______________________________________________________________________

5. Төмөндөгү билдирүүлөрдүн ичинен кайсынысы туура?

   - Биринчи өзүңө кам көрүү керек, андан соң гана башка бирөөнө кам көрө аласың.

- Эгерде сен дайыма башкаларга жардам бере берсең, өз максаттарың көз жаздымда калат.

- Сенин эң жакын досуң - өзүңсүң.

- Баарынан маанилүүсү - сени бактылуу кыла турган нерсени табуу.

- Кыялдарыңдын артынан түш, алар сени бакытка жеткирет.

- Башкаларга зыян келтирбесең болду, эмне кылып жатканың маанилүү деле эмес.

- Эгер жакшы иш кылып жаткан болсоң, өзүмчүл ниетте болуунун эч жаман жери жок.

## 2-БӨЛҮМ

Эки жактуу кош максатыбыздын негизги маңызы - биз бардыгыбыз асылзат болуп жаралганыбызда. Бахаулла мындай деп айтат:

> **“О, Рух Баласы! Бай кылып сени жараттым, неге башыңды кедейликке батырдың? Асылзат кылып сени Мен жараттым, неге сен өзүңдү басынтасың? Билимдин маңызынан сени жаратсам, неге сен Менден башкалардан билим издейсиң? Сени Мен сүйүү топурагынан жаратсам, неге сен башка менен алексиң? Назарыңды өзүңө бур, ошондо өзүңдөн күчтүү, кудуреттүү нак Мени көрөсүң.”[5]**

Төмөндөгү бош калтырылган жерлерди толтуруу, бул үзүндүнүн үстүнөн ой жүгүртүүңүзгө жардам берет.

> “О, Рух Баласы! __________ кылып сени жараттым, неге башыңды _________________ батырдың? _____________ _____________ сени мен жараттым, неге сен өзүңдү ___________________? _____________________ _______________ сени жаратсам, неге сен ___________________ башкалардан ______________ _____________________? Сени Мен _____________________ топурагынан ___________________, неге сен башка менен __________________? _______________ __________________ бур, _________________ өзүңдөн ____________, _______________________ _________ Мени көрөсүң.”

Рухубуздун асылдуулугун камсыздап туруу үчүн, биз өзүбүздү жараткан Булакка кайрылып, Анын чачкан жарыгын издөөгө тийишпиз. Буга жетүүнүн эң таасирдүү жолдорунун бири – бул дуба окуу. Анын башкы максаты “рухий изгиликтерге жана күчкө ээ болуу аркылуу жеке инсанды жана коомду өнүктүрүү” – деп Ишенимдин Сакчысы Шоги Эффенди айткан. Эң алгач адамдын рухун азыктандыруу зарыл. Мындай рухий азыктын жеткиликтүү булагы – дуба окуу”. [6]

## 3-БӨЛҮМ

Кудай – бардыгын Билүүчү, баарынан Акылман. Ал бизди жараткан жана биздин жүрөгүбүздө эмне барын жана биз үчүн эмненин эң жакшы экенин билет. Ал биздин дуба кылуубузга муктаж эмес. Анда, биз эмнеге дуба кылабыз?

Абдул-Баха мындай дейт:

**"Дуба окуунун эң жогорку деңгээлинде адамдар Кудайга болгон сүйүүсү үчүн гана дуба окушат, Кудайдан же тозоктон корккондуктан, же ырыскыга жана бейишке барууга үмүт-тилек кылгандыктан эмес... Адам бирөөгө ашык болуп калганда, ал өз сүйгөнүнүн ысымын атабай тура албайт. Ал эми Кудайды сүйүп турган адам үчүн Кудайдын ысымын атоодон кармануу мындан да кыйын... Руханий адам Кудайды эскерүүдөн башка эч нерседен кубаныч ала албайт."** [7]

Ал эми суроого жооп иретинде, Ал мындай түшүндүрмө берет:

**"Эгерде бирөө досун жакшы көрсө, досуна бул туурасында айткысы келгени табигый нерсе го? Досуна анын сүйүүсү маалым экенин билсе деле, ал ага карабай, бул туурасында айткысы келе берет эмеспи?... Чынында, Кудай биздин жүрөгүбүздөгү бардык тилектерди билет; бирок дубага болгон муктаждык – бул табигый нерсе, ал адамдын Кудайга болгон сүйүүсүнөн жаралат."**[8]

1.Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла:

а. "Дуба окуунун _____ ____________________ деңгээлинде адамдар _______________ _____________ сүйүүсү үчүн гана ________ ________________, Кудайдан же ____________________ корккондуктан эмес, же ___________________ жана _________________ барууга үмүт-тилек кылгандыктан эмес...

б. Адам бирөөгө _______________ болуп калганда, ал өз ______________________ __________________ атабай тура __________________. Ал эми Кудайды ___________ ________________ адам үчүн ______________________ ысымын ___________________ кармануу мындан да __________________...

в. Руханий адам Кудайды __________________ башка эч нерседен __________________ ала албайт."

2. Биз эмне үчүн дуба кылабыз?___________________________________________
____________________________________________________________________

3. "Кудайды эскерүү" деген эмнени түшүндүрөт?__________________________
____________________________________________________________________

4. Бир адамга ашык болгон адамдын жалындуу каалоосу эмне?____________

___________________________________________________________________

5. Дуба окууга каалоо эмнеден жаралат?________________________________

___________________________________________________________________

## 4-БӨЛҮМ

Бахаулла тарабынан аяндалган дубадан биз төмөндөгүлөрдү окуй алабыз:

**“Сага жалынам... менин дубамды Сенин сулуулугуңдан далдалап турган пардаларды өрттөп салчу отко жана Өз жакындыгыңдын мухитине алып бара турган нурга айланта көр.”**[9]

Ошол эле дубада, биз Кудайдан мындай деп суранабыз:

**“О, менин Теңирим, менин дубаларымды мүрөк суусуна айландыр, алар менен Сенин эгедерлигиңдин акырына чейин өмүр сүрөйүн, Сенин ааламдарыңдын ар бирinde Өзүңдү эскерип жүрөйүн.”**[10]

1. Дуба кандай мааниде от сымал сүрөттөлөт? Ал эмнелерди өрттөйт?_______

___________________________________________________________________

2. Кудайдан далдалап турган кээ бир пардалар тууралуу айтып бергиле:

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

3. Дуба жарык нур болуусу мүмкүнбү? Ал бизди кайда алып барат?_________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

4. Дуба мүрөк суулардын булагы боло алабы? Ал биздин рухубузга эмне берет?______________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

## 5-БӨЛҮМ

Абдул-Баханын төмөндөгү сөздөрүн окуп, алардын үстүндө ой жүгүрткүлө:

**“Бул жалганда дуба айтуудан өткөн ары таттуу эч нерсе жок. Адам дайыма дуба кылуу абалында жашоого тийиш. Өтө жыргалдуу абал –**

**бул дуба окуу жана сыйынуу абалы. Дуба айтуу – бул Кудай менен сүйлөшүү. Кудай менен сүйлөшүүдөн артык башка зор жетишкендик же таттуу абал жок. Ал руханий абалды жаратат, ойду тереңдетет, бийик сезимдерге бөлөйт, Падышалыктын жаңы ажарларын ачып, жогорку аң-сезимдүүлүктүн сезимталдыгын ойготот."[11] .**

1. Бул жашоодогу эң таттуу абал кайсы? ________________________________

________________________________________________________________

2. "Дуба кылуу абалы" деген эмнени түшүндүрөт?__________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

3. Дуба кылуудан жаралган кээ бир касиеттерди атаңыз: ___________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

4. Жогорудагы бөлүмдөрдө силер окуп үйрөнгөн цитаталарды кайрадан карап чыккыла да, дуба кылуунун табияты жөнүндө беш аныктама жазгыла.

- Дуба кылуу – бул______________________________________________
- Дуба кылуу – бул______________________________________________
- Дуба кылуу – бул______________________________________________
- Дуба кылуу – бул______________________________________________
- Дуба кылуу – бул______________________________________________

## 6-БӨЛҮМ

Бахаулланын төмөндөгү сөздөрүн окуп, алар жөнүндө ой жүгүртүңүз:

**"О, менин кулдарым, ырдагын Кудайдан алган ырларды, Ага жакындар кандай ырдашкан болсо, дал ошолордой ырдагын, обондоруңдун жагымдуулугу сенин жаныңды эргитип жана да бардык адамзат пенделеринин жүрөгүн өзүнө тартып тургандай кылып ырда. Кудайдан келген ырларды үйүндө отуруп тынчтыкта ким гана окубасын, бардыгын Кармап Турууучунун периште-кабарчылары анын оозу менен айтылган сөздөрдүн жыпар жытын кайсы жерге гана болбосун таркатышат жана да бул алардын ар биринин жүрөгүн дирилдеп турууга мажбурлайт. Мейли, а дегенде бул сөздөрдүн таасири ал адамга сезилбесин, бирок ага берилген кут-береке өз мезгилинде анын жан дүйнөсүндө жаңырат. Ким күчтүн жана акылмандыктын башаты болсо, Ошонун Эрки боюнча Кудайдын Ачылыштарынын сырлары ачыла берет."[12]**

1. «Ырдоо» деген эмне? ____________________________________________

______________________________________________________________

2. Кудайдын аяттарын биз кандайча ырдообуз керек? ____________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

3. “Окуу/айтуу деген эмнени түшүндүрөт?______________________________

______________________________________________________________

4. “Туш тарапка таратуу/жайылтуу” деген сөз эмнени түшүндүрөт?

______________________________________________________________

______________________________________________________________

5. Биздин үнүбүздүн таттуулугу биздин өзүбүздүн рухубузга кандай таасир берет?_________________________________________________________

______________________________________________________________

6. Биздин ырыбыздын таттуулугу башкалардын жүрөгүнө кандай таасир көрсөтөт? ____________________________________________________

______________________________________________________________

## 7-БӨЛҮМ

Бахаулла тарабынан ачылган дубадан алынган төмөндөгү эки үзүндүнү жаттап алганыңыз жакшы:

> **“О, Аллам, айланайын Кудайым! О, жок, менин үмүттөрүмө жана жосундарыма карай көрбө! Көк менен жерди камтыган Өзүңдүн эркиңди гана аткар! О, Сен, бардык элдердин Теңири, Сенин Эң улуу Ысымың менен ант берем! Сен эмнени кааласаң, мен ошону гана эңседим, Сен эмнени сүйсөң, ошону гана сүйдүм.”**[13]
>
> **“Сага жакындардын мактоосу Өзүңдүн жакындыгыңдын асманына жетиш үчүн жана Өзүңө дили менен берилген жүрөктөрдүн куштары Өзүңдүн дарбазаңдын эшигине көтөрүлүш үчүн Сен өтө эле бийиксиң. Бар аныктамалардын бардыгынан жогору экениңе, бар ысымдардын бардыгынан ыйык экениңе күбө этем. Бардыгынан Бийик, бардыгынан Даңктуу, Сенден башка Кудай жок.”**[14]

## 8-БӨЛҮМ

Абдул-Баха айтат:

**“Пенделер Кудайга сыйынып, Андан жардам сурап жана Андан колдоо күтүп жалынып, дуба кылуулары керек. Бул кызмат өтөө абалына барабар болот, ал эми Кудай терең акылмандыгына ылайык Өзүнүн каалаган нерсесин буюрат.”[15]**

Жана Ал мындай деп түшүндүрөт:

**“Рухтун таасир этүү касиети бар; дуба руханий таасирге ээ. Ошондуктан биз: ‘О, Кудай, бул оорудан сакайта көр!’- деп дуба кылабыз. Балким, Кудай жооп берет. Ким дуба кылып жаткандыгы маанилүүбү? Кудай ар бир пендесинин дубасына жооп берет, эгер ал дубага чындап муктаждык болгон болсо. Анын мээрими чексиз жана учу-кыйыры жок. Ал Өзүнүн ар бир кулунун дубасына жооп берет. Ал өсүмдүктүн да дубасына жооп берет. Өсүмдүк тынбай: ‘О, Кудай, мага жамгыр жибер!’- деп сыйынат. Кудай ага жооп берет да, өсүмдүк өсөт. Кудай баарына жооп берет.”[16]**

Биз өз дубабызда Кудайдан каалоо-тилектерибизди орундата көр деп суранганыбыз – бул табигый көрүнүш. Андыктан биз өзүбүздүн жана жакындарыбыздын ден соолугунун чың болуусун суранып, үй-бүлөбүздүн руханий жана материалдык өсүп-өнүгүүсүн тиленип, бизге багыт бер деп дуба кылабыз. Бизге күч-кубат, ишенич жана кызмат өтөө жолун аркалоого уруксат бере көр деп суранабыз. Кудайга дуба кылууда бир нерсени унутпообуз керек, биздин жашообуздун максаты - биздин эркибизди Кудайдын Эркине шайкеш келтирүү. Андыктан биз Анын Эрки ишке ашсын деп дуба кылып, ага баш ийүүгө даяр болууга тийишпиз. Абдул-Баханын төмөндөгү сөздөрүн эсиңизге тутуп алсаңыз, алар сизге ар дайым кубанычтын жана ишеничтин булагы болуп берет:

**“О, сен, Кудайга жүзүн бурган! Назарыңды башканын баардыгына жум да, Баарынан Даңктуунун падышалыгына бур. Эмне тилесең, тилегиңди Андан гана сура; Эмне издесең, издегениңди Андан гана сура. Бир эле назары менен Ал жүз миңдеген үмүттү орундатат, бир көз карашы менен жүз миңдеген айыкпас дарттан сакайтат, башын бир ийкеп, ар бир жараатка даба болот, көзүн бир ирмеп жүрөктөгү кайгы-муңдун чынжырынан бошотот. Ал эмне кылам десе, ошону жасайт, а биздин кандай башпанегибиз бар? Ал Өз Эркин орундатат, Ал кандай кааласа, ошону буюрат. Андыктан, сен башыңды ийип, таазим кылып, бардыгынан Ырайымдуу Теңирге үмүт артканың жакшы.”[17]**

## 9-БӨЛҮМ

Ушуга чейин биз окуган материалдын негизинде көрүнүп тургандай, дуба кылуу менен Кудайга кайрылуу – рухий жашоонун негизги талабы.

Эртең менен ойгонгондон кийин жана уктаар алдында Кудайга дуба кылуу кандай гана керемет. Ар күн сайын дубага бөлгөн убактыбыз жана биз келтирген дубалардын саны биздин муктаждыктарыбыздан жана рухий чаңкообуздан көз каранды. Бахаулла, Баб жана Абдул-Баха тарабынан ачылган көптөгөн дубалардын ичинен кандай гана учур үчүн болбосун биз тандап ала алабыз. Ошондой эле, Бахаулла дагы үч милдеттүү дубаны ачкан. Шоги Эффенди мындай дейт:

> **“Күндөлүк милдетүү намаздардын саны – үчөө. Эң кыскасы бир саптан турат жана күнүнө бир жолу айтылышы керек. Орточосу, “Андан башка Кудай жок экендигине Теңир Өзү күбө” деген сөздөр менен башталат жана бир күндө үч жолу айтылуусу керек: эртең менен, түштө жана кечинде. Милдеттүү үч дубанын ичинен эң татаалыраагы узун намаз болуп саналат, аны сутка ичинде бир жолу адамда ички каалоо пайда болгон кезде окуу керек.”**
>
> **“Ишенимдеги адам бул үч намаздын бирөөсүн эркин түрдө тандап ала алат, бирок тандалып алынган дубаны ага карата берилген бардык көрсөтмөлөргө ылайык айтууга милдеттүү.”[18]**

Андан ары ал мындай деп улайт:

> **“Бул күнүмдүк милдеттүү дубалар, ошондой эле узун Шыпаа Дубасы, Ахмадка катнаама сыяктуу бир катар дубаларга Бахаулла тарабынан өзгөчө күч берилген жана алар өзгөчө мааниге ээ болгон, андыктан аларды дал ошол калыбында кабылдоо керек жана ишенимдегилер аларды шексиз берилүү менен окуусу кажет, ошондо алардын көмөгү аркылуу Кудай менен тыгызыраак баарлаша алат жана Анын Мыйзамдары менен насыяттарын толук түрдө өзүнө кабылдай алат.”[19]**

Бахаулла тарабынан ачылган бул милдетүү үч намаз инсан тарабынан жекече түрдө окулат. Бахаи Ишениминде күндөлүк дубаны белгилүү бир ырым-жырымдардын коштоосунда топ менен кайталоо сыяктуу жамааттык дуба окуу түрү жок. Маркумдарга арналган бир гана дуба Бахаи мыйзамына ылайык жамааттык негизде окулат. Маркумду жерге берүү зыйнаты учурунда, жамааттын ичинен бир адам дубаны окуйт да, калганы үн катпастан турушат.

1. “Милдеттүү” деген сөз эмнени түшүндүрөт? ____________________________

   ____________________________________________________________________

2. Бахаулла тарабынан ачылган канча милдеттүү намаз бар? _______________

   ____________________________________________________________________

   ____________________________________________________________________

3. Биз күн сайын үч намазды тең айтуубуз керекпи? _______________________

4. Эгерде биз Узун Намазды тандасак, биз аны ар күн сайын канча ирет айтуубуз керек? ______________________________________________________

5. Орточо Намазды тандап алсак, аны канча ирет айтуубуз керек? ________

6. Кыска Намазды тандап алсак, аны канча ирет айтуубуз керек? _________

7. Өзгөчө күчкө ээ болгон дубалардан мисал келтиргиле _________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

8. Эгер силер Кыска Намазды жаттай элек болсоңор, анда аны жаттап алгыла:

> **“О, менин Кудайым, мени Өзүңдү таанысын деп жана Өзүңө ибадат кылсын деп жаратkандыгыңа мен күбөмүн. Ушул саатта өзүмдүн алсыздыгыма жана Сенин кудуретиңе, өзүмдүн жакырдыгыма жана Сенин берекелүү молчулугуңа күбө этем.**
>
> **“Коркунучта Жардамчы, Өзүн Өзү бар Кылуучу Сенден бөлөк Кудай жок.”[20]**

9. Бул дубада биз эмнеге күбө этебиз? ________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

## 10-БӨЛҮМ

Милдеттүү намаз мыйзамына баш ийүүдөн ала турган ырыскыдан жана өз алдыбызча башка дубаларды окуганда алган азыгыбыздан сырткары, чоң болобу же кичине болобу, ар кандай жыйындарда окулган дубаларды укканда биздин рухубуз бийиктикке көтөрүлөөрүн эске ала жүрүүбүз керек. Бахаулла бизге мындай деп айтат:

> **“Кубаныч менен достуктун негизинде чогулуп, ырайымдуу Теңирдин ачкан аяттарын окугула. Ушундай кылсаңар, нагыз билимдин эшиги силердин ички дүйнөңөргө ачылат, ошондо силер рухуңардын туруктуулукка ээ болгонун жана жүрөгүңөр нурдуу кубанычка бөлөнгөнүн сезесиңер.”[21]**

Дүйнө жүзүнүн булуң-бурчунда достордун жана коңшулардын Кудай менен баарлашуу үчүн бирге чогулуп дуба окуган кечелери миңдеп көбөйүп жатканы биздин баарыбызга чоң кубаныч тартуулайт. Бүткүл Дүйнөлүк Адилет Үйү мындай деп жазат:

> **“Дуба жыйындары – бул ар бир жан кире ала турган, асмандын жыпар жытын искөөгө боло турган, дубанын таттуулугун сезип,**

**Жаратман Сөз үстүндө ой толгоого боло турган, рухтун канаты менен зымырап учуп жана Сүйүктүүбүз менен сүйлөшө ала турган иш чаралар. Мындай учурларда бийик руханий маектешүүлөр табгиый түрдө пайда болуп, алар аркылуу "адам жүрөгүнүн шаары" ачылышы мүмкүн жана достук, жалпы ортолук иш сезимдери пайда болот."[22]**

Бизде дуба окуу ниети пайда болгондо, биз өзүбүздүн акыл-эсибизди бул дүйнөгө тиешелүү болгон нерселерден тазалоо максатында, бир азга тынч абалда күтүп турабыз. Дуба айтып жаткан учурда, биз өз ойлорубузду Кудайга багыттайбыз. Дубаларды айтып бүткөн соң, бир саамга унчукпай тынч турабыз жана шыдыр эле башка иш-аракетке өтпөйбүз. Жыйындарда башка адамдардын дубасын угуу да дал ушундай таризде өткөнү туура. Мындай учурда биз дуба кылуу абалында болуп, бирөө окуп жаткан дубанын сөздөрүнө өзүбүз окуп жаткандай көңүл салабыз.

1. Кудайдын аяттарын бирге окуу үчүн биз кандай маанай менен чогулуубуз керек? ______________________________________________

______________________________________________

2. Кудайдын аяттарын окуу үчүн бирге чогулуу кандай тааасирин тийгизет? ______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

3. Дуба жыйындарында ар бир жан эмне кыла алат:

- ____________________ ,
- ______________________________________________ ,
- ______________________________________________ ,
- ______________________________________________ ,
- ______________________________________________ , жана
- ______________________________________________.

4. Дуба жыйындарында кандай сезимдер пайда болот? ____________________

______________________________________________

______________________________________________

5. Дуба жыйындарында табигый түрдө жаралган улуу руханий маектешүүлөр кандай таасир тийгизет? ______________________________________________

______________________________________________

6. Жалгыз болобу же жыйын учурунда болобу, деги эле дуба окуу учурунда биз кандай сый-урмат мамилени көрсөтүүбүз керектиги тууралуу бир нече сөз жазгыла.

________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

## 11-БӨЛҮМ

Бул китептин биринчи бөлүгү күнүгө Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү окуу жана алардын үстүндө ой жүгүртүү адатын калыптандырууга арналды. Бул жерден сиз дуба окуунун мааниси тууралуу ой жүгүртүп, жыйынтыгында, өзүңүздө ар күн сайын дуба окуу адатын чыңдадыңыз. Ал эми мурунку бөлүм сиздин көңүлүңүздү жамааттык дуба окууга адатына бурду. Буга чейин окугандарыңыздын бардыгы сизди, эгер кааласаңыз, кызмат өтөө жолундагы биринчи кадамды жасоого даярдады, бул – дуба жыйынын өткөрүү.

Алгачкы кадам катары, сиз мүмкүн бир нече дубаларды жаттап жана аларды башка досторуңуз менен бөлүшүү үчүн мүмкүнчүлүк табууну каалайсыз. Ошол эле учурда, сиз өз жамаатыңызда өткөрүлгөн дуба жыйындарынын бирөөнө катышып, анын жигердүү колдоочусу боло аласыз. Бара-бара сиз өз алдынча дуба жыйындарын өткөрүүнү чечүүңүз мүмкүн жана үзгүлтүксүз дуба окуу жана достук мамилелерди чыңдоо үчүн ага өз досторуңузду, үй-бүлө мүчөлөрүн жана кошуналараңызды чакыра аласыз. Бул курстун эки же үч катышуучусу мындай дуба жыйындарын бирге баштаган учурлар да көп кездешет.

Сиз көргөндөй, дуба жыйындарын уюштуруунун атайын формуласы деле жок.

Албетте, дубалар менен Жазмалардан үзүндүлөр окула турган жана бийик темадагы маектешүүлөр орун ала турган достордун мындай жолугушуулары руханий маанайда өтөөрү анык. Дуба жыйындарын өткөрүү контекстинде алсак, төмөндөгү берилген түшүнүктөр тууралуу бир катар пикирлериңизди билдире кетиңиз?

Жылуу жана мээримдүү чакыруу: ______________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

Меймандостук маанайын түзүү: ________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Сый-урмат маанайын сактоо: ________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Көңүлдүү достук мамилелерди орнотууга өбөлгө болуу: ________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Рухий улуу маек куруга дем берүү: ____________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## БИБЛИОГРАФИЯ


1. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah* (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 1983, 2017-ж., басылды) XLIII, 4-пункт, 105-б.

2. Baha'u'llah, in *Trustworthiness: A Compilation of Extracts from the Baha'i Writings,* Бүткүл Дүйнөлүк Адилет Үйүнүн Изилдөө Бөлүмү тарабынан топтолду (Лондон: Бахаи Басма Фонду, 1987), № 21, 5-бет.

3. *The Call of the Divine Beloved: Selected Mystical Works of Baha'u'llah* Хайфа; БахаиБүткүл дүйнө Борбору, 2018), № 2.43, 31-б.

4. 1912-ж. 5-майда сүйлөнгөн сөздөн алынган, 1912 –ж. *Кошмо Штаттар жана Канадага болгон Абдул-Баханын сапары учурундагы жасалган баяндамалар*, *The Promulgation of Universal Peace* жыйнагына басылып чыккан. (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2012-ж.), 127-б.

5. Бахаулла, *Касиеттүү Сөздөр* (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2003, 2012-ж., басылды) XLIII, араб., № 13, 6 жана 7 - бб.

6. From a letter dated 8 December 1935 written on behalf of Shoghi Effendi, published in *Prayer and Devotional Life: A Compilation of Extracts from the Writings of Baha'u'llah. The Bab, and 'Abdu'l-Baha and the Letters of Shoghi Effendi and the Universal House of Justice*, Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттүүлүк Үйүнүн Изилдөө Бөлүмү тарабынан топтолду, (Уилмет: Бахаи Басмасы, 2019), № 71, 31-бет.

7. Words of 'Abdu'l-Baha, cited by J.E. Esslemont, *Baha'u'llah and the New Era: An Introduction to the Baha'I Faith* (Уилмет: Бахаи Басмасы, 2006, 2017 –ж. басылды), 106-б.

8. Ошол эле жерде

9. Бахаулла, *Бахаи Дубалары: Бахаулла, Баб жана Абдул-Баха тарабынан ачылган дубалар Жыйнагы*.

10. Ошол эле жерде

11. Words of 'Abdu'l-Baha, cited in *Star of the West*, 8-том, № 4 (17-май, 1917-ж.), 41-б.

12. *Gleanings from the Writings of Baha'u'llah*, CXXXVI, 2-бөлүм, 334-б.

13. Бахаулла, Бахаи Дубалары.

14. Ошол эле жерде

15. Abdu'l-Baha, in *Prayer and Devotional Life*, № 24, 7-б.

16. From a talk given by Abdu'l-Baha on 5 August 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace*, 912-ж. 5-августта орун алган Абдул-Баханын маегинен алынган сөздөр, 345-б.

17. *Selections from the Writings of Abdu'l-Baha* (Уилмет: Бахаи Басмасы, 2010, 2015 –ж. басылды), № 22.1, 75-76-б.

18. From a letter dated 10 January 1936 written on behalf of Shoghi Effendi, published in *Prayer and Devotional Life*, № 61, 25-б.

19. *Бахаи Дубаларында* келтирилген, 1936-ж. 10-январда Шоги Эффендинин атынан жазылган катынан.

20. Бахаулла, *Бахаи Дубалары*.

21. Baha'u'llah, in *Prayer and Devotional Life*, *№ 68, 29-б.*

22. Бүткүл Дүйнөлүк Адилет Үйүнүн 2015-ж. 29-декабрдагы билдирүүсүнөн.



# ӨМҮР ЖАНА ӨЛҮМ

## Максаты

Өмүр деген бул дүйнөдөгү жашоонун
оош-кыйыштары менен гана чектелбестен,
анын чыныгы мааниси
рухтун өнүгүүсү экендигин аңдап – билүү.

## 1-БӨЛҮМ

Адамзаттын жаны материя менен физикалык дүйнөдөн жогору турат. Абдул-Баха өзүнүн маектеринин биринде мындай деп түшүндүрөт:

> **“Бул материалдык нерселер атомдордон түзүлөт; атомдордун бөлүнүүсү бузулуу процессине алып келет да, өлүмдү жаратат....**
>
> **“Ал эми жанга мындай көрүнүш мүнөздүү эмес. Жан элементтердин топтому эмес жана атомдордон да түзүлгөн эмес, ал бөлүнбөй турган бир субстанция, андыктан - түбөлүктүү. Ага физикалык жаралыш мүнөздүү эмес; ал өлбөс болуп саналат!”[1]**

1. “Түзүлүү” деген эмнени түшүндүрөт? ________________________________

2. Адамдын жаны материалдык нерселер сымал, ар кандай элементтерден түзүлөбү? ____________________________________________________

3. Адамдын жаны физикалык бирдик болуп эсептелеби? __________________

   ____________________________________________________________

## 2-БӨЛҮМ

Сакчынын атынан жазылган катта мындай деп айтылат: “Адамдын жаны түйүлдүк учурунда пайда болот.”[2] “Түйүлдүк” түшүнүгүнө карата берилген суроого жооп катары, Бүткүл Дүйнөлүк Адилет Үйү мындай дейт:

> **“Бахаи Жазмаларында ‘түйүлдүк’ катары сүрөттөлгөн көрүнүштүн биологиялык учуру жана табияты тууралуу эч бир так аныктама берилбейт. Медицинада бул терминге карата колдонулган түшүндүрмөлөр да анчейин так эмес. Чынында эле, түйүлдүктүн бир мааниси уруктандыруу менен түшүндүрүлсө, экинчиси, уруктандыруудан жана түйүлдүктүн жатын керегесине жабышуусунан кийинки боло турчу, бойго бүтүү менен түшүндүрүлөт. Андыктан жан менен материалдык форманын ортосундагы байланыш качан түзүлөөрүн билүү балким мүмкүн эмес жана андай суроолорду чечүү үчүн адамзаттын ой жүгүртүүсү жана изилдөөлөрү жетишсиз болуусу ыктымал, анткени ал рухий дүйнөнүн сырлары жана жандын өз табиятына байланыштуу.”[3]**

1. Адамдын жаны качан жаралат? ______________________________________

   ____________________________________________________________

2. “Түйүлдүк” термини кандайдыр бир биологиялык учур үчүн берилген аныктама боло алабы? _______________________________________________

   ____________________________________________________________

## 3-БӨЛҮМ

Жан менен дене ортосундагы байланыш материалдык формага ээ эмес. Жан денеге кирбейт да, андан чыгып да кетпейт жана ал физикалык мейкиндикти да ээлебейт. Анын дене менен болгон байланышы, жарык менен аны чагылдырган күзгүнүн байланышына окшош. Күзгүдө пайда болгон жарык анын ичинде жайгашпайт. Ошол сымал эле, жан дагы дененин ичинде жайгашпайт. Абдул-Баха белгилегендей:

> **"акыл-эстүү жан же адамзат руху бул денеден көз карандысыз өмүр сүрөт, башкача айтканда, ал денеге кирбейт; анткени бир нерседен көз каранды болуу жана ага кирүү – бул заттарга/нерселерге таандык болгон мүнөздөмөлөр, ал эми акылдуу жан болсо алардан алда канча жогору турат. Ал башынан эле бул денеге кирген эмес жана аны таштап кеткенден кийин да ал үчүн кандайдыр бир жайдын кереги жок. Жок, рух менен дененин байланышы - бул шам менен күзгүнүн байланышы сыяктуу. Эгерде күзгү тазаланып, жалтырата сүрүлгөн болсо, шамдын жарыгы андан чагылат, ал эми күзгү сынык болуп же чаң баскан болсо, жарык көрүнбөгөн бойдон калат."**[4]

1. Төмөндө бош калтырылган жерлерди толтургула.

   а. Акыл-эстүү жан же ______________________________ бул денеден көз карандысыз өмүр сүрөт, башкача айтканда, ал _________________ кирбейт.

   б. ________________________ же адамзат руху денеге кирбейт, анткени бир нерседен көз каранды болуу жана ага кирүү – бул ________________________________________________________________ __________________________________, ал эми акылдуу жан болсо ________________________________________________________________ турат.

   в. Ал башынан эле бул денеге _________________ эмес жана аны таштап кеткенден кийин да ал үчүн кандайдыр бир __________________ кереги жок.

   г. Рух менен дененин байланышы - бул ________________________________ байланышы сыяктуу.

   д. Эгерде күзгү тазаланып, жалтырата сүртүлгөн болсо, ______________ ______________ андан чагылат.

   е. Ал эми күзгү сынык болуп же чаң баскан болсо _____________ ____________________________________________.

2. Буга чейин окуган материалдын негизинде, төмөндө берилген билдирүүлөрдүн кайсынысы туура экендигин аныктагыла:

   _____ Жан физикалык дүйнөгө таандык эмес.

_____ Жан дененин ичинде жайгашкан.

_____ Дене - жандын ээси.

_____ Жан – өлбөс.

_____ Инсандын жашоосунун башаты жан менен түйүлдүктүн байланышынан башталат.

_____ Жашоо адам төрөлгөндө башталат.

_____ Адамдын материалдык формадагы жашоосу өлүмдөн кийин да уланат.

_____ Жашоо – бул биз менен күн сайын болуп жаткан нерселер.

3. Жарыкты жана күзгүнү элестетип, жан менен дененин ортосундагы байланышты сүрөттөп бергиле: ________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## 4-БӨЛҮМ

Жан менен дененин ортосунда өзгөчө карым-катнаш бар, экөө биргеликте адамды түзөт. Бул карым-катнаш жалган өмүрдө гана уланат. Алардын ортосундагы карым-катнаш үзүлгөн кезде, алардын ар бири өздөрүнүн баштапкы учуруна кайтып келишет: дене – күл-топурак дүйнөсүнө, ал эми жан – Кудайдын рухий дүйнөлөрүнө кайтат да, ал жактан андан ары өсүп-өрчүйт. Абдул-Баха мындай деп айтат:

**"Адам рухунун башаты бар, бирок учу-кыйры жок: ал түбөлүккө созулат."[5]**

Аны менен болгон маектердин биринде, ал мындай деген аныктама берет:

**"Рухка эч кандай дененин кереги жок, ал эми дене рухка муктаж, ансыз ал жашай албайт. Жан денесиз жашай алат, бирок дене жансыз өлүмгө дуушар болот."[6]**

Ал эми Сакчы төмөндөгүдөй түшүндүрөт:

**"Жан тууралуу айта турган болсок: Бахаи Окуусуна таянсак, адамдын жаны анын түйүлдүгүнүн пайда болушунан башталат жана ал денеден бөлүнгөндөн кийин да, андан ары жашоонун чексиз этаптарынан өтүү менен өсүп-өрчүп, улана берет. Ошентип анын өсүшү чексиз боло бермекчи."[7]**

1. Жогорудагы цитаталарды эске алып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

   а. Денеге жандын кереги барбы? ________________________________

б. Жанга дененин кереги барбы? ________________________________

в. Биз өлгөн соң, дене менен жандын ортосундагы байланыш эмне болот?

________________________________________________________

г. Өлүмдөн кийин жан эмне болот? ____________________________

д. Жандын өсүп-өрчүшү канча убакытка чейин созулат? ______________

е. Өмүр качан токтойт? _______________________________________

2. Төмөндө берилген аныктамалардын ичинен кайсынысы жогоруда биз окугандарга туура келээрин чечкиле:

_____ Өлүм – бул жаза.

_____ Дене менен жандын ортосундагы өз ара карым-катнаш жалган өмүрдө гана уланат.

_____ Дене түбөлүк өсүп-өрчүүгө жөндөмдүү.

_____ Жан түбөлүк өнүгөт.

_____ Өлүм - бул өмүрдүн аякташы.

_____ Кыямат күн келгенде, биздин денебиз кайра жаралат.

_____ Өлгөндөн кийин, жан бул дүйнөгө караганда көбүрөөк эркиндикке ээ боло алат.

_____ Өмүр өлүм менен аяктайт.

_____ Биз өлүмдөн коркушубуз керек.

_____ Жан тамак-ашка, кийим-кечеге, эс алууга жана көңүл ачууга муктаж.

_____ Дене жандын энергиясын колдонгондуктан, жан чарчайт.

_____ Дененин оорусу же алсыздыгы жанга эч кандай таасир этпейт.

_____ Адам баласында, өлүмдөн кийин деле физикалык муктаждыктар болот.

## 5-БӨЛҮМ

Биз көргөндөй, жан физикалык мейкиндикти ээлебейт жана башка материалдык нерселерден айырмаланып, физикалык мыйзамдарга баш ийбейт. Жан дене аркылуу дүйнөгө таасир этет, бирок бул - жан өз күчүн көрсөтө ала турчу жалгыз жол эмес. Бахаулла мындай деп айтат:

> **“Акыйкатты айтам, адамдын жаны алдыга жана артты көздөй багытталган бардык кыймылдардан жогору турат. Ал тынч абалда болот, ошентсе да көкөлөп учат; ал ордунан жылат, ошол эле учурда ал кыймылдабайт.”[8]**

Дагы Абдул-Баха бизге мындай деп айтат:

**“Адам рухунун таасир этүүсү жана кабылдоосу эки түрдө болоорун биле жүргүлө; башкача айтканда, адам руху эки жол менен аракеттенет жана түшүнөт. Биринчиси, дене мүчөлөрү жана органдары аркылуу ишке ашат. Мына ушундайча ал көз аркылуу көрө алат, кулак аркылуу уга алат, тил аркылуу сүйлөй алат...**

**Жандын экинчи таасир этүү жана аракеттенүү ыкмасы, дене мүчөлөрүнүн катышуусу жок ишке ашат.”[9]**

1. Төмөндөгү сүйлөмдөрдө калтырылып кеткен жерлерди толтургула:

   а. Адамдын жаны ___________ жана ________________________ ___________________________________ кыймылдардан жогору турат.

   б. Ал _______________________ болот, ошентсе да _____________________.

   в. Ал ______________________, ошол эле учурда ал ________________.

2. Жандын бул дүйнөнү кабыл алуу жана ага таасир этүү үчүн колдонуучу эки ыкмасын сүрөттөп бергиле:____________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________

3. Жандын дене мүчөлөрүн колдонбостон таасир этип жана аракеттенген учурларына карата мисал келтире аласыңарбы?_________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________

## 6-БӨЛҮМ

Азыр, буга чейин орун алган талкуулоолорду эске алып, Бахаулланын Жазмаларынан алынган төмөндөгү үзүндүнү окугула:

**“Билгин, адамдын жаны дененин же акыл-эстин бардык алсыздыктарынан жогору турат жана алардан көз карандысыз. Оорулуу адамда алсыздыктын белгилери байкалганы, бул анын жаны менен денесинин ортосундагы тоскоолдуктардын кесепети, ал эми дененин оорулары жанга эч кандай таасир бере албайт. Шамдын жарыгын эстеп көрчү. Кандайдыр бир нерсе анын жарыгына тоскоол болгон учурда, жарык эч күчүн жоготпостон мурдагыдай эле нурун чача берет. Дал ушул сыяктуу эле, адамдын денесин жабыркаткан ар бир оору, жандын ага тийиштүү болгон кубаты менен күчүн көрсөтүүгө жолтоо болгон тоскоолдук болуп саналат. Качан ал денеден чыкканда, ал аябагандай зор үстөмдүктү жана жер шарында тең келгис таасирди көрсөтөт. Ар бир таза, ар бир ажайып кооз жана ыйык жан күчтүү кубатка ээ болуп, кучак жеткис кубанычка бөлөнөт.”[10]**

1. Дененин жана акыл-эстин алсыздыгы кандайча жанга эч таасир бербестигин жана жан денеден чыккандан кийин аны эмне күтүп тураарын өз сөзүңөр менен түшүндүрүп бергиле:

______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________

2. Биздин физикалык денебиз өлгөн соң, биз өзүбүздүн жеке инсандыгыбызды сактап калабызбы? ______________________________

## 7-БӨЛҮМ

Бахаулла бизге мындай деп айтат:

**"Эми болсо сенин адамдын жаны жана анын өлүмдөн кийинки сапары туурасындагы сурооңо токтололу. Билгин, жан денеден ажыраган соң, кылымдар жана доорлор айлампасы болобу, же бул дүйнөнүн оомал-төкмөсү менен кокустуктары болобу, айтор алардын эч бири өзгөртө албаган абалда жана элесте Кудайдын Өзүнө жеткичекти өзүнүн өнүгүшүн уланта берээри шексиз. Ал Кудай Падышалыгы, Анын өкүмчүлүгү, Анын үстөмдүгү жана бийлиги канчага чейин өкүм сүрсө, ошого чейин жашай берет. Ал Кудайдын сапаттарын жана Анын касиеттерин көрсөтүп, Анын сүйүүсүнүн ырайымдуулугун жана изгиликтерин айгинелейт."**[11]

1. Физикалык өлүмдөн кийин жан канча убакыт бою өсүп-өнүгүүсүн улантат?

______________________________________________

2. Кудайдын Өзүнө жетүү үчүн жандын чексиз сапары кандай абалда уланат?

______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________

3. Ал абалда болуу менен жан кандай сапаттарды жана касиеттерди көрсөтөт?

______________________________________________
______________________________________________

4. Буга чейин окугандарыбызга таянып, төмөндөгү аныктамалардын канчалык туура экендигин чечкиле:

_____ Кудайдын Падышалыгы түбөлүккө созулат.

_____ Жан Кудайдын сапаттарын жана касиеттерин көрсөтүүгө жөндөмдүү.

_____ Маркумдарга багыштап окуган дубаларыбыз алардын жанынын өнүгүшүнө таасир бербейт.

_____ Жан эч качан өлбөйт.

## 8-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Ар бир сергек кулак, эгерде ал таза жана аруу болсо, анда ал дайыма жана бардык жерден: “Акыйкатта, биз Кудайга таандыкпыз жана Ага кайтып барабыз” деген ыйык сөздөрдү айткан добуштарга кулак салышы керек. Адамдын денесинин өлүмү жана анын кайтып баруу сырлары али ачыла элек жана азыркыга чейин жабык бойдон....**

**“Өлүм ар бир ишеними бекем адамга чыныгы жашоонун өзү деп эсептелген өмүр чөйчөгүн сунат. Ал кубанычка бөлөп, шаттыкты алып келет. Ал түбөлүктүү өмүр белегин тартуулайт.**

**“Жердеги жашоонун жемишинен даам таткандарга, башкача айтканда чыныгы бир Кудайдын бар экендигин тааныгандарга токтоло турган болсок - ылайым Кудайдын Даңкы арта берсин, алардын кийинки жашоосун сүрөттөп берүүгө биздин кудуретибиз жетпейт. Бул бардык дүйнөнүн Теңири болгон бир Кудайга гана белгилүү”.12**

**“О, Алла Тааланын Баласы! Мен өлүмдү сага кубанычтын жарчысы кылып жараттым. Эмнеге муңканасың? Мен жарык нурду сага өз шооласын төктүрдүм. Эмнеге сен андан өзүңдү калкалап жатасың?”[13]**

1. Төмөндөгү аныктамалардын кайсынысы туура?

_____ Адамдын жаны Кудайдан келет жана Ага кайра барат.

_____ Кудай гана өлүмдөн кийинки өмүр жөнүндө толук билет.

_____ Ишеними бекем болгон адам үчүн өлүм – бул өмүр.

_____ Өлүм – кубанычтын жарчысы.

_____ Өлүмдүн сырлары бардыгына белгилүү.

_____ Биз өмүрдүн жыргалчылыктарын баалай билип, өлүмдөн коркпошубуз керек, анткени ал - кубанычтын жарчысы.

_____ Биз үчүн өлүмдөн кийинки өмүр жөнүндө билүү маанилүү эмес.

2. Бул бөлүмдөрдө окугандарды эске алып, өмүр, өлүм, дене жана жан тууралуу кыскача оюңузду жазыңыз.

________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

## 9-БӨЛҮМ

Абдул-Баха мындай деп түшүндүрөт:

**“Адам өз өмүрүнүн башатында, эненин курсагындагы түйүлдүк болгон жана ал жерден бул өмүрдө татыктуу жашоо үчүн өз жөндөмдүүлүктөрүн өрчүттү. Бул турмуш үчүн зарыл болгон күч-кубатты ошол дүйнөдөн алды. Бул дүйнөдө ага көздөр керек эле – аларды энесинин курсагында жатып, ошол дүйнөдөн алды. Ага угуу жөндөмү керек эле – ага да ошол жерден ээ болду. Бул дүйнөдө адамга зарыл болгон дараметтин баарын ал эненин курсагында жатып алды. Ошол дүйнөдөн такшалып, бул дүйнөгө даяр болуп чыкты, ошентип, ал бул дүйнөгө кирген кезде, ага зарыл болгон бардык күч-кубатка гана ээ болбостон, жашоо үчүн зарыл болгон буту-колуна жана дене мүчөлөрүнө ошол дүйнөдөн ээ болгонун көрдү. Демек, бул дүйнөдө адам өзүн кийинки өмүргө даярдоого милдеттүү. Көктөгү Падышалыкта адамга керек боло турган нерселердин бардыгын ал жерден алып жана даярдык көрүүгө тийиш. Бул дүйнөдөгү өмүр үчүн ага зарыл болгон касиеттерди түйүлдүк курсактын ичиндеги дүйнөдөн алган сымал эле, Падышалык дүйнөсүндө зарыл болчу жөндөмдүүлүктөрдү адам бул дүйнөдө алуусу керек, башкача айтканда, бардык көктөгү күчтөр - бул дүйнөдө.”**[14]

1. Төмөндөгүлөр туурабы же туура эмеспи чечкиле:

_____ Бизге бул дүйнөдө зарыл болгон жөндөмдүүлүктөрдү биз эненин курсагынан алабыз.

_____ Өзүңдү кийинки өмүргө даярдоонун кереги жок.

_____ Падышалык дүйнөсүндө бизге эмне керек болсо, биз аларды ошол жактан ала алабыз.

____ Бул өмүрдүн максаты – биздин кийинки өмүрүбүз үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу.

_____ Чыныгы өмүр адам өлгөндөн кийин, ал Кудай Падышалыгына барганда башталат.

_____ Чыныгы жашоо бул дүйнөдө башталат да, физикалык өлүмдөн кийин улантылат.

2. Адам курсактагы түйүлдүк кезинде ээ боло ала турган кээ бир жөндөмдүүлүктөр кайсылар? ________________________________________

________________________________________________________________

3. Өлүмдөн кийинки жашоо үчүн бул дүйнөдө ээ боло турган кандай кээ бир жөндөмдүүлүктөр бар? _____________________________________________

________________________________________________________________

## 10-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Бул Күндөгү адамдын чыныгы парзы – Кудайдын ага төккөн мээрим агымынан өз үлүшүнө ээ болуу. Ошондуктан үлүш чөйчөгүнүн чоңдугун же кичинелигин сынга албагыла. Бирөөлөрдүн үлүшү адамдын бир уучуна батышы мүмкүн, башкаларынын үлүшү чөйчөктү толтураар, ал эми дагы бирөөлөрүнүкү – бүтүндөй кумарага сыят.”**[15]

**1.** Жогорудагы цитатаны эске алып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

а. Бул Күндөгү ар бир инсандын парзы эмне? _________________________

________________________________________________________________

б. Сиз Кудайдан алган кээ бир нээматтар кайсылар?____________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

в. Цитатадагы “чөйчөк” деген сөз эмнеге карата айтылган?______________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

г. Эмне үчүн бизге берилген жөндөмдүүлүктөрдүн чоңдугун же кичинелигин сынга албашыбыз керек?__________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

д. Кандай нерселер Кудайдын жазган үлүшүн алууга жолтоо болот? _____

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

2. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы туура?

_____ Биздин жөндөмдүүлүктөрдүн "чоңдугу же кичинелиги" биздин канчалык акылдуу экенибизди билдирет.

_____ Кудайга кызмат кылуу үчүн, биз өзүбүздүн алсыздыгыбызды унутуп жана толугу менен Ага ишенишибиз керек.

_____ Эгерде биз Кудай тартуулаган жөндөмдүүлүктөрүбүздү бул дүйнөдө өнүктүрө албасак, биздин жаныбыз кийинки дүйнөдө алсыз болмокчу.

## 11-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**"Сен Менден жандын табияты жөнүндө сурайсың. Негизи, жан - Кудайдын белгиси, эң илимдүү деген адамдар анын маңызын аңдап биле албаган, ошондой эле эч бир акыл, канчалык өткүр болбосун, анын сырын ача алам деп үмүт да кылбаган көктөгү жакут экендигин билип ал. Жаралгандардын бардыгынын ичинен ал биринчи болуп, өзүнүн Жаратканынын мыктылыгын даңазалайт, биринчи болуп Анын даңкын таанйт, Анын акыйкатына ишенет жана Аны аздектеп, таазим кылат."**[17]

1. Төмөндө берилген сүйлөмдөрдөгү бош жерлерди толтургула:

а. Жан - Кудайдын ________________.

б. Жан - __________________________________, анын ____________________ эң илимдүү деген адамдар да аңдап биле албаган, ошондой эле эч бир акыл, канчалык өткүр болбосун, анын ________________ ача алам деп үмүт да кыла албаган.

в. __________________________________________________________ жан _________________________________өзүнүн ___________________________ _____________________ даңазалайт.

г. Жан биринчи болуп Кудайдын даңкын ___________________________.

д. Жан биринчи болуп Кудайдын акыйкатына _______________________.

_______________________________________________________________

е. Жан биричи Кудайды аздектеп, Ага _______________ ________________.

2. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы туура?

_____ “Сырын ача алуу” - бул “түшүнүп билүү” дегенди билдирет.

_____ Бардык жаралгандардын ичинен Кудайды биринчи таанып билген – адамдын мээси.

_____ “Өткүр” деген “курч” дегенди түшүндүрөт.

_____ Илимдүү адам гана жандын сырын түшүнөт.

_____ Улуу философтор гана Кудайдын мыктылыгын даңазалай алат.

_____ Биз аны эч качан түшүнө албаган соң, жан жөнүндө ой жүгүртүү зарыл деле эмес.

## 12-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Силер, кубаттуу канаттарын болгон күчү менен күүлөп, чексиз жана кубанычтуу ишенимдүүлүк менен учу-кыйры жок асманда калкыган кушка окшошсуңар, бирок, ал ач кардын тоюндурууга аргасыз болуп, жердеги суу менен топуракка зарыга бет алат, бирок өз каалоолорунун торуна чырмалып, кайрадан өзү келген бийиктикке учуп кетүүгө жөндөмсүз болуп калганын түшүнөт. Өзүнүн булганган канаттарын басып турган оор жүктү ыргытып салууга күчү жетпеген, бир кезде көктү мекендеген куш эми күл топурактан уя издөөгө мажбур. Андыктан, о, Менин пенделерим, Менин ыйык билимдеримдин асманына учуп чыгууга жолтоо болбос үчүн, өзүңөрдүн канатыңарды ээнбаштыктын жана куру тилектин баткагы менен булгабагыла, аларды ичи тардык менен ач көздүктүн чаңынан сактагыла.”**[17]

1. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла.

а. Бахаулла бул цитатада айтып жаткан куш, бул ____________________ _______________ түшүндүрөт.

б. Бул куш – _____________________ жашоочусу.

в. Канаттарына доо кеткенде, куш өзүнө уяны ____________________ издейт.

2. Суроолорго жооп бергиле:

а. Жандын «канаттарына» кандайча «доо кетиши» мүмкүн? _____________ _________________________________________________________________

б. «Жердин суусу жана топурагы» сыяктуу жандын канаттарына оор салмак бере турчу дагы кандай оор жүктөрдү билесиңер? ___________________ _________________________________________________________________ _________________________________________________________________

в. Ыйык билим асманында зымырап учууга бизге эмне жолтоо болушу мүмкүн? ____________________________________________
____________________________________________
____________________________________________

г. Жан эмнеге көктөгү үйүн бул дүйнөнүн топурагына алмаштырат?_____
____________________________________________
____________________________________________
____________________________________________

3. Төмөндөгү ырастоолор туурабы, чечкиле:

_____ Бул дүйнөдөгү биз байланган, бизди тартып турган нерселер биздин рухий өнүгүүбүзгө жолтоо болот.

_____ Биздин ээнбаштыгыбыз жана куру тилектерибиз ыйык билим асманында учуубузга тоскоол болот.

_____ Ич күйдүлүк жана жек көрүү адамдын табигый сапаттары болгондуктан жанга оор жүк болбойт.

_____ Бул дүйнөнүн нерселерине байланбасак, бизге кулач жеткис асманда зымырап учууга тоскоол болгон жүктөн арыла алабыз.

_____ Жандын үйү бул дүйнөдө.

## 13-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Дүйнөнү, анда жашап жана кыймылга келип турган нерселердин бардыгын жаратып, Ал Өзүнүн чексиз жана көз карандысыз Эрки менен адамга Аны таанып билүүгө жана Аны сүйүүгө мүмкүн болгон - кайталангыс артыкчылыкты жана жөндөмдүүлүктү ыйгарууну каалады, бул жөндөмдүүлүктү бардык жаратууларды жаратууга себеп болгон башкы максат жана дем берүүчү күч катары кароо кажет....Ар бир жаратылган нерселердин ыйык табиятына Ал Өзүнүн ысымдарынын бирөөсүнүн жарыгын чачып, аны Өзүнүн касиеттеринин биринин даңкынын көрүнүшү кылды. Ал эми адамзат табиятына Ал Өзүнүн бардык ысымдарынын жана касиеттеринин жарыгын төгүп, аны Өзүнүн күзгүсү кылды. Бардык жаратылгандардын ичинен адам гана ошончолук ырайымга ээ болуп, ошончолук мартчылык менен сыйланган.”**[18]

1. Төмөндөгү калтырылган бош жерлерди толтургула:

а. Кудай адамга ____________________________________ жана ____________________________________ кайталангыс артыкчылыкты жана жөндөмдүүлүктү ыйгарууну каалады.

б. Ар бир ____________________ нерселердин ыйык табиятына Ал ______________________________________________________________________

жарыгын чачты жана аны ____________________________________________ даңкынын көрүнүшү кылды.

в. Ал эми адамзат табиятына Ал ________________________________________ жана ________________________________________ жарыгын төгүп аны ___________________ күзгүсү кылды.

2. Суроолорго жооп бергиле:

а. Кудайдын кээ бир касиеттерин атап бере аласыңарбы? _______________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

б. Адамдын жаны чагылдыра ала турган Кудайдын кээ бир касиеттери кайсылар? ____________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

в. Бул касиеттер кандайча чагылдырылышы мүмкүн? ___________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

г. Адам кандай өзгөчө ырайымга ээ болгон? ___________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

3. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы туура?

_____ Адам баласы башка жаратылгандардан эч айырмаланбайт.

_____ Кудайды таанып билүү жана Аны сүйүү жөндөмдүүлүгү – бардык жаратууларды жаратууга себеп болгон башкы максат жана дем берүүчү күч.

_____ Ар бир жаратылган нерселердин табияты Кудайдын касиеттеринин бирин алып жүрөт.

_____ Адамдын жаны Кудайдын бардык касиеттерин чагылдыра алат.

## 14-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**"Кудайдын марттыгынын Күндүзгү Жылдызы жана көктөгү жетекчиликтин Булагы тарабынан адамдын табиятына ыйгарылган бул күчтөр, бирок анын ичинде катылган, чырактын ичинде жашырынып жаткан жалын менен шамдын шоолалары сыяктуу. Күндүн жарыгы чаң басып кирдеген күзгүнүн бетине түшкөндө күңүрт тарткан сыяктуу, бул дүйнөдөгү кумарлар ал күчтөрдүн жарыгын караңгылатышы мүмкүн. Шам да, чырак да өз алдынча жана албаган сыяктуу эле, күзгү да өз алдынча өзүн каптап турган чаңдан тазалана албайт. Эгерде тутандырбаса, чырак эч качан жанбайт, ошондой эле күзгүнүн үстүнөн кирди тазаламайынча, ал күндүн элесин жана анын жарыгын эч качан чагылдыра албасы айдан ачык белгилүү."[19]**

1. .«Жашырынып» деген сөз эмнени билдирет? ____________________________

_____________________________________________________________________

2. Адамдын жанында кандай күчтөр жашырылган?________________________

_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

3. Шамдын кандай мүмкүнчүлүктөрү бар? ________________________________

4. Күзгүнүн кандай мүмкүнчүлүктөрү бар? ______________________________

5. Шам жарык берүүсү үчүн, сиз аны эмне кылышыңыз керек?_____________

_____________________________________________________________________

6. Күзгү жарыкты чагылдыруусу үчүн сиз аны эмне кылышыңыз керек? ____

_____________________________________________________________________

7. Шам менен күзгү өз мүмкүнчүлүктөрүн өз алдынча көргөзө алабы?_______

_____________________________________________________________________

8. Бул эки мисалды адамдын жанынын абалы менен кандайча байланыштыра алабыз? ________________________________________________________

_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

9. Адам жанынын мүмкүнчүлүктөрүн ким ача алат? ______________________

_____________________________________________________________________

# 15-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Адамзат үчүн Түбөлүктүү Болмушту таанып билүү эшиги ар дайым жабык болуп келген жана түбөлүккө жабык бойдон калмакчы. Адам түшүнүгү Анын ыйык мекенине эч качан сүңгүп кире албайт. Бирок Өзүнүн ырайымдуулугунун белгиси жана Өзүнүн мээриминин далили катарында Ал адамдарга Өзүнүн ыйык жетекчилигинин Күндүзгү Жылдызын, Өзүнүн ыйык биримдигинин Белгилерин көрсөттү, ошону менен бирге ушул касиеттүү Жаратылгандардын билимин Анын Өзүнүн билимине барабар экенин өкүм кылды. Аларды таанып билгендер - Кудайды таанып билгендер. Алардын чакырыгына кулак салгандар - Кудайдын Үнүнө кулак салгандар, алардын Ачылыштарынын акыйкатына ишенгендер - Кудайдын Өзүнүн акыйкатына ишенгендер. Алардан баш тарткандар - Кудайдан баш тарткандар, аларга ишеничин артпагандар - Кудайга ишенбегендер. Алардын ар бири - бул дүйнөнү көктөгү падышалык менен байланыштыра турган Кудайдын Жолу, көк менен жер падышалыктарынын жандыктары үчүн Анын Акыйкат Туусу. Алар Кудайдын адамдар арасындагы Көрүнүшү, Анын Акыйкатынын жана Анын даңкынын белгилеринин далилдери.”**[20]

1. Жогорудагы цитатаны эске алып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

   а. Биз Кудайды түздөн-түз таанып-биле алабызбы? ____________________

   ____________________________________________________________

   б. Анда, биз Кудайды кантип биле алабыз? ____________________________

   ____________________________________________________________

   в. Кудай жетекчилигинин кээ бир Күндүзгү Жылдыздарын атап бере аласыңарбы?_____________________________________________________

   ____________________________________________________________

   г. Кудайдын Көрүнүштөрүн уккандар, Кимдин Үнүнө кулак салгандар?__

   ____________________________________________________________

   д. Кудайдын Көрүнүштөрүнө аркабызды салган кезде, биз кимден баш тарткан болобуз? ________________________________________________

2. Төмөндөгү фразаларды толуктаңыз:

   а. Түбөлүктүү Болмушту таанып билүү эшиги ар дайым______________ жана түбөлүккө_____________________________________________________.

   б. Эч бир адамдын түшүнүгү ________________________________________ эч качан жете албайт._________________________________________

   в. Кудай Өз Жарчыларын Өзүнүн__________________________ белгиси жана Өзүнүн ______________________ далили катарында жиберет.

г. Кудай Жарчыларынын билимдери ________________________________ __________________________ барабар.

е. Аларды таанып-билгендер __________________________________________ _________________.

ж. Алардын чакырыгына кулак салгандар __________________________ ________________________________________.

з. Алардын ар бири __________________________________________________ ___________________________________________________________________ ___________________________________________________Кудайдын жолу.

3. Төмөндөгү билдирүүлөрдүн кайсынысы туура?

- _____ Биз өз аракетибиздин аркасында гана рухий жактан өсө алабыз.
- _____ Кудай бизге акыл-эс берген жана ал биздин өнүгүүбүз үчүн жетиштүү.
- _____ Биз Кудайдын Жарчыларын таануу менен рухий жактан өсө алабыз жана башка күч-аракет жумшоонун кажети жок.
- _____ Биз Кудайдын Жарчыларын таанып жана Анын окууларына ылайык жашоого аракет кылуу менен рухий жактан өсө алабыз.
- _____ Биз Кудайды түздөн-түз таанып биле алабыз.
- _____ Адамзаты Кудай сымал боло алат.
- _____ Кудай адам түшүнүгүнөн кыйла жогору турат.
- _____ Биз Кудайдын Жарчыларынын сөздөрүн укканыбызда, биз Кудайдын Үнүн уккан болобуз.

## 16-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Пайгамбарлар жана Кудайдын элчилери жерге бир максат менен - адамзатты акыйкат түз жолго багыттоо үчүн жиберилген. Алардын Ачылмаларынын негизги максаты - өлүм саатында кынтыксыз аруулук жана ыйыктык менен эч нерсеге байланбастан, Улуу Кудайдын тактысына көтөрүлүүсү үчүн адамдарга билим берүү болуп саналат.”[21]**

Дагы бир үзүндүдө ал мындай дейт:

**“Адам – эң жогорку Тумар. Бирок керектүү билимдин жоктугу ал төрөлгөндө эле ээ болгон касиеттеринен аны ажыратат. Ал Кудайдын оозунан чыккан сөз аркылуу жаралды; Дагы бир сөзү аркылуу өзүнүн билим алуу Булагын таанууга багыт алды; кийинки сөз анын ордун жана тагдырын коргоого алды. Жогорку Теңир мындай дейт: «Адамды баа жеткис асыл заттарга бай кен деп эсептегиле. Билим гана ал катылган кенчти таап, адамзатка анын пайдасын көрүүгө шарт түзөт.**

**Ар бир адам Кудайдын ыйык Эрки менен жиберилген Жазмаларда ачылган сөздөр тууралуу ойлонсо, ошол замат алардын негизги озуйпасы - бардык адамдар бир жан сыяктуу аракеттенүүсүнө жетишүү экенин түшүнүшмөк жана «Кудайдын Падышалыгы Келет» деген сөздөр жазылган мөөр ар бир жүрөккө басылып, жана Кудайдын ырайымынын жарыгы, мээрими жана кайрымдуулугу бүтүндөй адамзатты жаркыратышына багытталганын түшүнөөр эле.”**[22]

**1.** Пайгамбарлар жана Кудайдын элчилери кандай максат менен жиберилген?

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**2.** Алардын ачылмаларынын максаты кандай? ______________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**3.** «Тумар» деген сөз эмнени билдирет? ________________________

______________________________________________________________

**4.** Тиешелүү билимдин жоктугунун кесепети кандай болот? __________

______________________________________________________________

**5.** Туура билим эмнеге алып келет? ____________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**6.** Биз үчүн билимдин Булагы эмне? ___________________________

______________________________________________________________

**7.** Тагдыр деген эмне? _____________________________________

______________________________________________________________

**8.** Билим кандай асыл кенчти ача алат? _________________________

______________________________________________________________

**9.** Ыйык Жазмалар тууралуу ой толгоо аркылуу биз чынында эмнени таанып-билебиз? ______________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 17-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**"Сен Менден жан денеден бөлүнгөн кезде эмне болот деп да сурадың. Эгерде адамдын жаны Кудай жолунда жүргөн болсо, ал Ага кайтып бараары жана Сүйгөнүнүн даңкына кошулаары шексиз экендигин билип ал. Кудайдын адилеттиги менен ант этем! Ал калем менен жазууга, тил менен айтууга мүмкүн болбогон ушундай бир абалга жетет. Кудайдын Ишине адал болгон жана Анын Жолун туруктуулук менен жолдогон жан, о дүйнөгө кеткенден кийин ушундай бир чоң күчкө ээ болот, Кудуреттүүнүн жараткан ааламдарынын бардыгы анын жемишинин даамын тата алат."[23]**

1. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла:

а. Эгерде адамдын жаны Кудай жолунда жүргөн болсо, ал ______ ____________________________жана_________________________________ ____________________ шексиз.

б. Ал ________________________________________ , ____________________ ________________________________________________________________ _________ абалга жетет.

в. ________________________________________ адал болгон жана Анын Жолун ___________________________________________________________ жан, о дүйнөгө ________________________________ ушундай бир чоң күчкө ээ болот, Кудуреттүүнүн жараткан _____________________________ _______________________ анын жемишинин даамын тата алат."[23]

## 18-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**"Денеден бөлүнүү саатында, кур пенделик кыялдардан арылган жан батага ээ болот. Мындай жан анын Жаратуучусунун Эркине ылайык жашап жана аракеттенет да, улуу Бейишке кирет. Көк асмандын Бийкечтери, асман сарайынын жашоочулары аны курчоосуна алат, Кудайдын Пайгамбарлары жана Анын тандалма жандары ага шерик болууну көздөшөт. Ал жан алар менен эркин баарлашып, аларга бардык дүйнөлөрдүн Теңири болгон Кудайдын жолунда башынан өткөндүн бардыгы тууралуу айтып берет."[25]**

**"Ал күнөөлүү пендени кечирип, анын төмөн даражасы үчүн жерибеши керек, анткени анын өзүн соңунда эмне күтүп тургандыгын эч ким билбейт. Өлүм саатында канча деген күнөөлүү пенделер ишенимдин чыныгы маңызын таанып жана мүрөктүн суусун татып, асман жашоочуларын көздөй бет алган. Жана канча деген такыба адам жаны**

**чыгаар алдында, ушундай тез өзгөрүлүп кеткенден улам, түбү жок отко кулаган. “**[25]

1. Жан денеден бөлүнүп жаткан учурда, кандай абалда болууга тийиш? _____

______________________________________________________________________

2. Кандай куру кыялдар бар? ____________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

3. Куру кыялдардан арылган жан кандай абалда жашайт жана аракеттенет? __

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

4. Мындай жанга ким шерик болот? __________________________________

______________________________________________________________________

5. Мындай жан Кудайдын Пайгамбарлары жана Анын тандалма жандары менен баарлаша алабы? ______________________________________________

______________________________________________________________________

6. Биздин жердеги жашообуз кандай аяктаарын биз алдын-ала билебизби? ___

______________________________________________________________________

7. Бизге арналган чексиз жашоого жетүү үчүн биз азыр эмне кылуубуз керек?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

## 19-БӨЛҮМ

Абдул-Баха мындай деп түшүндүрөт:

**“Адамдын руху бул жөнөкөй дене жабуусунан бошонгон соң, түбөлүк жашагандыктан, ал башка бардык жаратылган жандыктар сыяктуу эле өнүгүүгө жөндөмдүү экендиги шексиз, андыктан “бул бөлүнүп чыккан жан, мындан ары өрчүп-өнүксө экен жана Кудайдын ырайымына, марттыгына жана кадырына арзыса экен” деп дуба кылууга болот. Ошол себептен Бахаулланын дубаларында, кийинки дүйнөгө сапар алгандардын Кудай алдында кечирилиши жана Анын ырайымына алынышы суралат. Ошондой эле, бул дүйнөдө адамдар Кудайга кандай муктаж болсо, алар кийинки жашоодо дагы Ага муктаж болушмакчы. Жаратылгандар ар дайым муктаждыкта болушат, ал эми Жараткан болсо эки дүйнөдө тең алардан көз карандысыз.”**[26]

Биз эмнеге маркумдардын жаны үчүн дуба кылышыбыз керек?

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 20-БӨЛҮМ

Абдул-Баха мындай деп түшүндүрөт:

**“Адамдын жаны жалган дүйнө топурагын таштап учуп чыгып, Кудайдын дүйнөсүнө оболоп бет алганда, көшөгөлөр ачылат, акыйкат жарыкка чыгат жана буга чейин белгисиз болгон нерселердин бардыгы анык болуп, көмүскө чындык ачыкка чыгат.**

**“Элестет, курсак дүйнөсүндөгү жандыктын канчалык кулагы дүлөй, көзү сокур жана тили дудук болгонун; ал канчалык кабыл алуу сезимдеринен ажыратылган. Бирок күндөрдүн биринде ал туңгуюк караңгы дүйнөдөн бул жарык дүйнөгө келди, ошондо анын көздөрү көрүп, кулагы угуп, ага тил бүттү. Дал ушул сыяктуу эле, ал бул ажалдуу дүйнөдөн Кудай Падышалыгына ашыкканда, ал рух болуп төрөлөт; ошондо анын кабыл алуу көздөрү ачылып, жанынын кулагы уга баштайт жана буга чейин билбеген бардык чындык айкындалып, түшүнүктүү болот.”**[27]

1. Төмөндөгү калтырылып кеткен жерлерди толуктагыла.

   а. Адамдын жаны бул дүйнөнү таштап кеткенде, ошондо

   - көшөгөлөр____________________________,

   - акыйкат ________________________ _____________,

   - буга чейин белгисиз болгон нерселер _______________ _____________________,

   - буга чейин белгисиз болгон бардык чындык ___________________ _____________.

   б. _____________________ дүйнөсүндө биздин кулагыбыз ______________, көзүбүз ______________ жана тилибиз ______________ болгон.

в. Биз бул дүйнөгө келгенибизде, биздин көзүбүз______________, кулагыбыз ______________ жана тил _____________.

г. Ушул сымал эле, качан биз Кудай Падышалыгына барганыбызда, биз _____ болуп ___________________________.

д. Ошондо биздин _____________ _____________ көздөрүбүз ____________________, __________________ кулагы ____________________, буга чейин билбеген бардык __________________ _____________________, _____________________ ___________.

2. Төмөндөгү билдирүүлөрдүн кайсынысы туура экенин аныктагыла:

_____ Биз курсак дүйнөсүндө жүргөнүбүздө, биз бул дүйнө тууралуу билебиз.

_____ Биздин өлүмдөн кийинки абалыбыз бул жашоодо биз үчүн жашыруун чындык.

_____ Өлүмдөн кийин биз үчүн таптакыр жаңы болгон горизонттор ачылат.

_____ Биз өлгөндөн кийин бул дүйнөгө кайра төрөлүү үчүн кайтабыз.

## 21-БӨЛҮМ

Бахаулла мындай деп айтат:

**“Жандар денеден бөлүнгөндөн кийин бир-бирин тааный алышабы деген сенин суроoңо кайрыла турган болсок, билип ал, Кырмызы Кемеден орун алып, андан жай тапкан Баха адамдарынын жандары өз ара баарлашып, жакын мамиледе болушмакчы жана алардын жашоолору, тилектери, максаттары жана умтулуулары тыгыз байланышта болгондуктан бир жандай сезилмекчи. Чынында, алар бардыгынан кабардар, көрөгөч жана бардыгын түшүнө алгандардан. Баарын билген, Акылман Кудай ушундай деп буюрган.**

**“Баха адамдары - Кудайдын Кемесинен жай тапкандар - бири да калбай бардыгы бир-биринин ал-ахыбалын жакшы түшүнүп, билип турушат, ошондой эле аларды жакындык жана шериктештик бириктирип турат. Бирок мындай абал алардын ишениминен жана жүрүм-турумунан көз каранды экендиги анык. Бир даражада жана абалда болгондор, бир-биринин жөндөмдүүлүктөрү, мүнөзү, жетишкендиктери жана кадыр-баркы тууралуу толук билишет. Бирок төмөнкү даражада тургандар алардан жогору тургандардын абалын жана кадыр-баркын жетишерлик түшүнө алышпайт. Ар ким Теңирден өз үлүшүн алат. Жаны Эгедер Теңир, Кудуреттүү, Күнөөлөрдү Кечирген, Боорукер Кудайга учуп кеткенче, Өз жүзүн Кудайга буруп, Анын сүйүүсүнүн жолунда ишенимдүү жүргөн адам гана бакыт нуруна бөлөнөт.”[28]**

1. Кийинки дүйнөдө, биз бул дүйнөдө таанып-билип жүргөндөрүбүздү тааныйбызбы?______________________________________________
______________________________________________

2. Кийинки дүйнөдө жандар ортосундагы байланыш канчалык тыгыз болмокчу?
______________________________________________
______________________________________________

3. Кийинки дүйнөдө жандардын ортосундагы айырмачылыктар жана өзгөчөлүктөр эмнеге жараша болмокчу? ______________________
______________________________________________
______________________________________________

4. Кудайдын жакшылыгынан кур калган бирөө-жарым болобу?__________
______________________________________________

## 22-БӨЛҮМ

Бахаулла бизге эскертет:

> **“О, Менин кулдарым! Эгер ушул күндөрдө, ушул жер үстүндөгү жашоодо, Кудайдын силерге багыштап жибергени силердин үмүт-тилектериңерге туура келбесе, кайгырбагыла, себеби силерди ажайып бакыт жана көктөгү шаттык күндөр күтүп жаткандыгы шексиз. Ыйык жана руханий данктуу ааламдар силердин назарыңарга ачылат. Кудай бул дүйнөнүн да, келечектеги дүйнөнүн да пайдаларынын үзүрүн көрүп, кубанычтарын тең бөлүшүп, дем-күч берген кайрымдуулугунан өз үлүшүңөрдү алууну силердин бешенеңерге жазган. Бул ааламдардын ар бирине силер жетесиңер, бул шексиз”[29]**

1. Төмөндөгү аныктамалардын кайсынысы туура экендигин чечкиле:

_____ Бардык нерселер биз каалагандай болбогон учурда, кайгыруу керек.

_____ Бардыгы, ал биз үчүн жаманбы же жакшыбы, Кудай тарабынан алдын ала аныкталган.

_____ Бизди алдыда шаттык күндөр күтүп турат.

_____ Биздин ыйык жана руханий даңктуу дүйнөлөрдү көрөөрүбүз айдан ачык.

_____ Бул дүйнөдө да, аркы дүйнөдө да, ыйык жана руханий даңктуу дүйнөлөрдүн пайдаларынын үзүрүн көрүү биздин бешенебизге жазылган.

2. Эмнеге биз, эгер биздин үмүт-тилектерибизге туура келбеген нерселер болуп жатса кайгырбашыбыз керек? ______________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

3. Бахаулла бул үзүндүдө бизге кандай убада берет? ______________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 23-БӨЛҮМ

Бул курстун жүрүшүндө силер адам өмүрүнүн мааниси тууралуу ой жүгүрттүңөр. Силер жандын табияты, бул дүйнөдөгү жашоонун максаты, рухий касиеттердин өнүгүшүнүн зарылдыгы жана жаркыраган, кубанычка бөлөнгөн түбөлүктүү өмүрдүн убада кылынганы тууралуу көп окуп, билдиңер. Китептин экинчи бөлүгүндө, биз кош максат – жеке руханий жана интеллектуалдык өнүгүүгө умтулуу жана коомдун кайра жаралуусуна өз салымыбызды кошуу тууралуу сөз кылдык. Эми болсо, ошол концепцияга кайрадан токтолуп, жандын андан аркы өнүгүшү тууралуу алган силердин түшүнүктөрүңөрдүн негизинде, бул кош максаттын эки жагына тең көңүл бөлүүнүн мааниси тууралуу ойлонууга мүмкүндүк берилет. Өз тобуңар менен төмөндө берилген темалар үстүндө ой жүгүртүү пайдалуу болмокчу.

1. *Рухий сапаттарды өнүктүрүү*
2. *Кудайдын мыйзамдарына баш ийүү*
3. *Адамзаттын гүлдөшүнө салым кошуу*
4. *Кызмат өтөө жолунда өркүндөө*

# БИБЛИОГРАФИЯ


1. 1911-ж. 10-ноябрындагы курулган маектен алынган, 1911-ж. *Париж Баарлашуусунда: Абдул-Баханын Жасаган Докладдары* деген ат менен басылып чыккан (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2006, 2016-ж., басылды), № 29.12-13, 109-б.

2. 1946-ж. 1-апрелинде, Шоги Эффендинин атынан жазылган каттан алынган жана *Жетекчилик Нурунда* басылып чыккан *Бахаи Маалымат Файлы* (Нью-Дели: Бахаи Басма Фонду, 1988, 2010-ж.басылды), № 1820, 537-б.

3. 2016-ж. 28-июлунда, Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттүүлүк Үйүнүн атынан жазылган каттан алынды.

4. Абдул-Баха, *Кээ Бир Жооп Алынган Суроолордо* (Уилметт: Бахаи Басмасы, 2014, 2016-ж., басылды), № 66.3, 352-53-б.

5. Ошол эле жерде, № 38.5, 220-б.

6. Абдул-Баханын 1911-ж, 9-ноябрында курган, *Париж Баарлашуусунда* басылып чыккан маегинен алынды, № 28.16, 104-б.

7. 1937-ж. 31-декабрында, Шоги Эффендинин атынан жазылган жана *Жетекчилик Нурунда* басылып чыккан каттан алынды, № 680, 204-б.

8. *Бахаулланын Жазмалар Жыйнагы*, (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 1983, 2017-ж., басылды) LXXII, 8-пункт, 183-б.

9. Абдул-Баха, *Кээ Бир Жооп Алынган Суроолордо*, № 61.1-2, 334-б.

10. *Бахаулланын Жазмалар Жыйнагы*, LXXX, 2-пункт, 174-б.

11. Ошол эле жерде, LXXXI, 1-пункт, 176-б.

12. Ошол эле жерде, CLXV, 1-3пункт, № 391-392-б.

13. Бахаулла, *Көмүскө Сөздөр* (Уилметт: Бахаи Басма Фонду, 2003, 2012-ж., басылды) XLIII, араб., № 32, 11- бб.

14. 1912-ж. 6-июлунда курулган маектен алынган, 1912 –ж. *Кошмо Штаттар жана Канадага болгон Абдул-Баханын сапары учурундагы жасалган баяндамалар, Бүт Ааламдын Тынчтыгын Жарыялоо* жыйнагына басылып чыккан. (Уилметт: Бахаи Басмасы, 2012-ж.), 315-16 б. (авторлошкон котормо)

15. *Бахаулланын Жазмалар Жыйнагы*, V, 4-пункт, 8-б.

16. Ошол эле жерде, LXXXII, 1-пункт, 179-80-б.

17. Ошол эле жерде, CLIII, 6-пункт, 370-71-б.

18. Ошол эле жерде, XXVII, 2-пункт, 72-73-б.

19. Ошол эле жерде, XXVII, 3-пункт, 73-б.

20. Ошол эле жерде, XXI, 1-пункт, 54-55-б.

21. Ошол эле жерде, LXXI, 1-пункт, 177-б.

22. Ошол эле жерде, CXXII, 1-пункт, 293-94-б.

23. Ошол эле жерде, LXXXII, 7-пункт, 182-б.

24. Ошол эле жерде, LXXI, 1-пункт, 176-77-б.

25. Ошол эле жерде, CXXV, 3-пункт, 300-1-б.

26. Абдул-Баха, *Кээ Бир Жооп Алыган Суроолордо*, № 62.3, 340-41-б.

27. *Абдул-Баханын Жазмалар Тандалмалары* (Уилмет: Бахаи Басмасы, 2010, 2015 –ж. басылды), № 149.3-4, 246-47-б.

28. *Бахаулланын Жазмалар Жыйнагы*, LXXXVI, 1-2-пункт, 192-93-б.

29. Ошол эле жерде, CLIII, 9-пункт, 373-б.